**К.МАМБЕТАКУНОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИ**

# АККРЕДИТАЦИЯГА

# КАРАТА ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО ОТЧЕТУ

**КОЛЛЕДЖДИН ДИРЕКТОРУ**

______________

**К. АСЫЛБЕКОВ**

Нарын шаары

**С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин алдындагы**
**К. Мамбетакунов атындагы Нарын педагогикалык колледжи**

| | | |
|---|---|---|
| 1. | **Мекеме** | С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин алдындагы К.Мамбетакунов атындагы Нарын педагогикалык колледжи |
| 2. | **Даярдоо багыттары/адистик шифр, нормативдик окуу мөөнөтү** | 1. 050303 Чет тили адистиги<br>Окуу мөөнөтү:<br>9-класстын базасын 2 жыл 10 ай<br>11-класстын базасында 1 жыл 10 ай |
| 1. | **Өткөн аккредитациянын жыйынтыктары** | Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агентигинин 2018-жылдын 27-декабрындагы №3/2018/013 – буйругу менен 5 жылдык мөөнөткө аккредитациядан өткөн |
| 2. | **Билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү укугуна ээ лицензиялар боюнча маалымат** | 1. Лицензия №VK210000409 16-июнь, 2018-жыл<br>Орто кесиптик билим берүүгө укуктуу |
| 2. | **Юридикалык жак катары мамлекеттик каттоого алган күбөлүк** | Күбөлүктүн каттоо №142026-3304-М-е<br>ИУЖК коду 2169074<br>Алгачкы каттоо датасы 01.10.1992-жыл<br>Күбөлүктүн датасы: 17.11.2014-жыл |
| 3. | **Идентификациялык салык номери** | 00110199210408 |
| 4. | **Байланыш маалыматтары (адрес, сайт,e-mail,телефон)** | Нарын шаары, С.Жакыпов 27/8<br>https://npu.nsu.kg/<br>npk.jetekchi@gmail.com<br>+9963522 51191 |
| 5. | **Жоoптуу кызматкер (ФИО, e-mail,телефон)** | Асылбеков Казыбек Эсенгулович<br>npk.jetekchi@gmail.com<br>+996706629623 |

**В. Билим берүү мекемеси жана билим берүү программалары жөнүндө маалымат.**

1. **Уюмдун түзүүчүсү жана жетекчилиги**

Уюмдун түзүүчүсү С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети

Колледждин директору Асылбеков Казыбек Эсенгулович

2. **Миссиясы**

Кесиптик компетенттүүлүгү жогору, профессионал адис болом деген патриот, soft skills көндүмдөрүнө ээ, улуттук баалуулуктарды туу туткан инсандар биздин окуу жайдан окуусу керек болот.

## 3. Стратегиялык максаттары

| Максаттар | Милдеттер |
|---|---|
| **1. Студенттерге бирдей шартта билим алуусун камсыздоо, өз алдынчалуулугун жакшыртуу аркылуу кесипке даярдыгы өнүгөт** | ✔ Билим алуу үчүн ыңгайлуу жана мыкты климат түзүү<br>✔ Өз алдынча изилдөө иштерине көмөктөшүү<br>✔ Кесиптик даярдыгын өнүктүрүү |
| 1. **Студенттердин жумшак көндүмдөрун өнүктүрүү аркылуу ар тараптуу кесипкөй адистер даярдалат** | ✔ Студенттердин өзүн-өзү уюштуруу, лидерлик сапаттарын жакшыртуу<br>✔ Студенттердин командалык иштерди алып баруу, мамиле түзө билүү, баарлашуу, көндүмдөрүн калыптандыруу<br>✔ Коомго пайдалуу долбоорлорду ишке ашырууга көмөктөшүү |
| *2.* **Окутуучулардын усулдук чеберчилиги автордук программа түзүү, усулдук тренер деңгээлине чейин жеткирет** | ✔ Окутуучулардын жекече усулдук тажрыйбасын байытуу жана талдоо мүмкүнчүлүгүн түзүү<br>✔ Окутуучулардын командалык иш алып баруусуна шарттарды түзүү<br>✔ Окутуучулардын коомчулуктагы усулдук көйгөйлөрдү чечүүгө аралашуу<br>✔ |
| 3. **Окутуучулардын жана кызматкерлердин ишке болгон жоопкерчилиги күчөтүлөт** | ✔ Окутуучулардын жана кызматкерлердин эмгек тартибин жөнгө салуучу ЖОБОлорду иштеп чыгуу<br>✔ Ишке болгон жоопкерчиликти баалоо боюнча электрондук база ишпелип чыгат<br>✔ Окутуучулардын убактысын үнөмдөө, иш кагаздарын санариптештирүү боюнча чараларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү |
| 4. **Эмгек жамаатынын жана студенттерге мотивация берүү аркылуу алардын ишке жана окууга болгон кызыгуусун көтөрүү** | ✔ Педагогикалык жана тейлөө кызматкерлерге мотивациялоо иш аракеттерин уюштуруу<br>✔ Студенттерге мотивациялоо иш аракеттерин уюштуруу<br>✔ Сыйлыктарга көрсөтүү жана тартибин ЖОБОлоштуруу |
| 5. ***Коомчулук менен кызматташтыкты өнүктүрүү аркылуу мекеменин имиджи көтөрүлөт*** | ✔ *Эл аралык жана менчик уюмдар менен кызматташтык жакшыртуу*<br>✔ *Мамлекеттик уюмдар менен байланышты жакшыртуу аракеттерин көрүү*<br>✔ *Бүтүрүүчүлөр жана ата-энелер менен иштөө*<br>✔ *Спорттук мекемелер менен иш алып баруу*<br>✔ *PR менеджент тармагын өнүктүрүү*<br>✔ *Гендерлик теңчиликти камсыздоо саясатын колдоо*<br>✔ |
| **6.** ***Мекеменин окуу шарттарын коопсуздук абалга алып келүү жана жакшыртуу*** | ✔ *Мекеменин ички шарттарын жакшыртуу*<br>✔ *Окуу имаратынын тегерегин көрктөндүрүү жана коопсуздандыруу*<br>✔ *Кошумча имараттардын курулушу боюнча иш аракеттерди аткаруу* |

4. Уюштуруу түзүмү.




**4. Мекеменин тарыхы, адистик боюнча бүтүрүүчүлөрдүн маалыматы.**

1939-жылы Кыргызстан КП(Б) БК жана Республиканын өкмөтү бийик тоолуу райондордо чарбалык жана маданий курулушту күчөтүү боюнча бир катар токтомдорду кабыл алышкан. Бул токтомдордо облустун эмгекчилерине материалдык-техникалык жана маданий жардам көрсөтүү боюнча атайын чараларды жүргүзүү белгиленген. Кыргыз ССРинде 1939-жылы 33 техникум жана 6 жогорку окуу жайы болгон. Ошол окуу жайларынын бири болуп, 1939-жылы ачылган Нарындагы мугалимдерди даярдоочу окуу жайы саналат. 1951-1955-жж. мугалимдер институту, 1955-жылы кайрадан педагогикалык окуу жайы. 1969-жылы Каракол шаарындагы педагогикалык институттун карамагына кошулган, бирок 1965-жылы андан бөлүнүп кайрадан Нарын шаарына көчүрүлгөн. 1996-жылдын 22-майынан тартып окуу жайы Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен Нарын мамлекеттик университетинин алдындагы структуралык бөлүм болуп кирген. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2013-жылдын 7-августунда №487/1 буйругунун негизинде НМУнун алдындагы Нарын

педагогикалык окуу жайынын аталышы К.Мамбетакунов атындагы Нарын педагогикалык колледж болуп өзгөртүлгөн.

| № | Адистик | 2018-19 | 2019-20 | 2020-21 | 2021-22 | 2022-23 | 2023-24 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Чет тили** | - | - | - | 5 | 5 | 8 |
| | **Бардыгы** | **-** | **-** | **-** | **5** | **5** | **8** |

5. -
6. Студенттердин контингенти (тиркелет
7. Окутуучулук курамдын сандык жана сапаттык курамы
8. Мурдагы аккредитациянын материалдары

**C. Өзүн өзү баалоо боюнча маалымат (жумушчу комиссиясынын курамы, өзү-өзү баалоо мезгили)**

2024-жылдын 22-январындагы колледждин №1-педагогикалык кеңешинин чечими менен аккредитациялоо үчүн ички баалоо жүргүзүү боюнча комиссия түзүлдү. *(педагогикалывк кеңештин чечими тиркелет)*

1. К.Асылбеков – директор – комиссиянын төрагасы
2. Ж.Кадырова – окуу иштери боюнча директордун орун басары – комиссиянын мүчөсү
3. Б.Сыдыгалиева – директордун орун басары - комиссиянын мүчөсү
4. К.Мусаев – директордун орун басары - комиссиянын мүчөсү
5. Б.Байгашкаева – директордун орун басары - комиссиянын мүчөсү
6. В.Асанова – НПК Адеп борборунун жетекчиси - комиссиянын мүчөсү
7. Г.Эсеналиева – НПК Багыт борборунун жетекчиси – комиссиянын мүчөсү
8. Б.Турдиев – НПК Сапат борборунун жетекчиси - комиссиянын мүчөсү
9. Г.Байдөөлөтова – кадрлар бөлүмү - комиссиянын мүчөсү
10. К.Султаналиев НПК Климат – комиссиясынын мүчөсү
11. М.Дюшекова НПК Шериктеш борборунун жетекчиси - комиссиянын мүчөсү

**Өзүн өзү баалоо мезгили:** 22.01.2024 – 24.04.2024 аралыгы

## D. Өзүн өзү баалоонун жыйынтыктары

## Тиркемелер

1. Мекеменин уставы
2. Мекеменин күбөлүгү
3. Лицензиялар
4. Сертификаттар
5. Комиссияны бекитүү жөнүндө чечим

## Аккредитация стандарты 1.
## Билим берүү уюмунун сапатты камсыздоо саясаты

Билим берүү уюмунун сапатты камсыздоо саясаты коомчулук жана алардын стратегиялык башкаруу бөлүгү болуп саналат. Андыктан сырткы кызыкдар тараптарды тартуу менен тиешелүү башкаруу жана тейлөө түзүмдөрүн (структураларды) иштеп чыгат жана иш аракетке киргизет

| | |
|---|---|
| **S** | 1. Уюмдун атайын документтештирилген стратегиялык планы иштелип чыккан<br>2. Стратегиялык планды иштеп чыгууда мекеменин жалпы жамааты, студенттер жана коомчулук пикирин кошулду.<br>3. Мекеменин баамдоо (видение), мүдөө (миссия), максаттары так, ачык айкын иштелип чыккан<br>4. Стратегиялык планды баалоого АБРдин атайын эксперттик тобуна баалоо үчүн жиберилген<br>5. Мекеменин стратегиялык планы, белгилүү ыраат менен багыттарга бөлүнүп түзүлгөн.<br>6. Мекеменин мүдөөсү коомчулукту кызыктыра алат.<br>7. Нарын мамлекеттик университети тарабынан атайын ресурстук база катары түздөн түз колдоо көрсөтөт |
| **W** | 1. Студенттерди мекеменин айрым маселелерин чечүүгө активдүү аралаштыруу зарыл |
| **O** | 1. Стратегиялык максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн мекеменин бир катар өнөктөштөр менен тыгыз алака түзүлөт.<br>2. Студенттерди, окутуучуларды активдештирүү үчүн Нарын шаардык мэриясы колдоп берүүгө даяр.<br>3. Студенттердин ар кандай иш чараларды өткөрүү жана жумуш менен практиканы айкалыштырып иш барууга базалык бала бакча, мектептер, технологиялык каражаттарга бай өнөктөштөр бар. |
| **T** | 1. Коомчулукта имиджди мындан ары дагы көтөрүү зарыл. |

### 1.1. Билим берүү уюмунун документтештирилген миссиясы, көз карашы, сапат чөйрөсүндөгү билим берүү уюмунун саясаты жана стратегиясы. Баамдоо келечектеги айкын сценарийди, билим берүүнүн ордун жана ролун баалоону камтыйт.

**Миссия:**

2023-жылы сентябрь айында окуу жайдын жетекчилиги алмашканына байланыштуу жана мурдагы стратегиялык пландын мөөнөтү аяктаганына байланыштуу жаңы стратегиялык планды иштеп чыгуу чечими кабыл алынды. Бул аккредитацияга карата ички баалоо жүргүзүү иш аракети менен дал келди. Бул багытта мекеменин кызматкеринен 7 багыттагы эксперттик комиссия мекеменин SWOT талдоо жүргүзүп, тиешелүү багыттарды, стратегиялык максаттарды, мекеменин баамдоо (видение), мүдөөсүн (миссия) иштеп чыгып, педагогикалык кеңешмеге сунушталды.

**SWOT талдоо жүргүзүү үчүн төмөндөгүдөй багыттар аныкталды:**

1. Кесипке даярдоо багытындагы билим сапаты
2. Студенттердин жумшак көндүмдөрүн калыптандыруу иш аракети
3. Окутуучулардын усулдук чеберчилигин жогорулатуу жана үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүсүн камсыздоо
4. Кызматкерлердин ишке болгон жоопкерчилигин күчөтүү
5. Кызматкерлерге жагымдуу климат жана мотивациялык иш аракеттерди уюштуруу
6. Коомчулук менен болгон байланышты жакшыртуу
7. Мекеменин инфраструктурасын жакшыртуу

Бул багытта комиссия мекеменин ишине SWOT талдоо жүргүзгөндөн соң ар бир багыт боюнча стратегиялык максаттар, мекеменин миссиясы, негизги иш багыттары, принциптери иштелип чыгып, мекеменин педагогикалык кеңешинин кароосуна сунушталып бекитилди.

Окуу жайдын **негизги максаты** өнүгүп жаткан коомдун талабына ылайык өзгөрүүгө даяр кесибин сүйгөн жана алардын жеке инсандык жана социалдык – коммуникативдик сапаттары жетилген, көп тилдүү, кесипкөй адистерди даярдоо болуп саналат.

**Окуу жайдын миссиясы:** Кесиптик компетенттүүлүгү жогору, профессионал адис болом деген патриот, soft skills көндүмдөрүнө ээ, улуттук баалуулуктарды туу туткан инсандар биздин окуу жайдан окуусу керек болот.

**Окуу жайдын багыттары:**

1. Студенттердин кесиптик сапаты жана жумшак көндүмдөрүн калыптандыруу
2. Окутуучулардын үзгүлтүксүз кесиптик өсүшүн, ишке болгон жоопкерчилигин камсыздоо жана мотивациялоо
3. Коомчулуктун кызыгуусун арттыруу
4. Инфраструктураны жакшыртуу

**Баамдоо:**

• Уюм түзүүгө умтулуп жаткан келечек кандай болот же кандай карайт?
ал аракет кылып жатабы?

• Узак мөөнөттүү келечекте уюм эмнеге жетишүүнү пландаштырууда?

• Көз караш билим берүүнүн учурдагы жана келечектеги тенденцияларына кандай тиешеси бар?

Мекеме 2030 – жылга карата педагогикалык кесип менен катар базар шартында коомчулукту керектүү адистиктер менен камсыздаган, инновациялык идеяларды жана тажрыйбаларды жайылтуучу Кыргызстандагы эң мыкты 5 кесиптик орто окуу жайынын катарында иш алып барат.

1. **Келечектеги адистердин компетенттүү адистерди даярдоо жана аларды жумшак көндүмдөрүн өнүктүрүүнү камсыздоо**

Учурда заман талабына ылайык мыкты, жоопкерчиликтүү, билимдүү адис болуу жетишсиз болуп калды. Азыркы учурда ийгиликтүү инсан болуу үчүн кесиптик компетенттүүлүккө умтулуп, адис катары анын лидерлик сапаттары, өзүн өзү уюштуруу, өзүн өзү талдоо, долбоорлорду түзүү, командада иштей билүү компетенттүүлүктөрү калыптандыруу зарыл. Андыктан, 2026-жылга карата биздин бүтүрүүчүлөр кесиптик эң керектүү тажрыйбаларды жана теорияларды практика менен айкалыштырып кесипке даярдык көрүшөт.

Мындан сырткары, студенттер soft skills багыты боюнча кошумча курстардан өтүп, компетенттүүлүгүн калыптандырышат. Өз алдынча социалдык долбоорлорду, атайын программаларды иштеп чыгышат. Ошондой эле кесипкөй адис катары медиа сабаттулугун жогорулата алышат.

Жыйынтыктап айтканда, биздин бүтүрүүчүлөр кесипкөй адис болуу менен катар социализациялоо иш аракетине керектүү көндүмдөргө ээ болуп чыгышы керек!

2. **Окутуучулардын усулдук чеберчилигин, жоопкерчилигин күчөтүү жана мотивациялоо**

Кесиптик даярдоонун заманбап талаптарын жогорулатуу үчүн албетте окутуучулардын кесиптик потенциалы жогору болуусу шарт, алар билим берүү системасы кандай нукта өнүгүшү керек экендигин алдын ала баамдоо менен тиешелүү окуу методикалык комплекси (ОМК) иштеп чыгып, сапатту сабактарды өтүүсү зарыл. Андыктан биздин окутуучулар учурдагы заман талабына ылайык сабактарды өтүүгө, практикага жана иш менен айкалыштырууга негизделген сабактар окутуу усулдарынын негизи болот.

Окутуучулар ОМК иштеп чыгуу компетенциясы өнүккөн, маалыматтык – технологиялык каражаттарды керектүү программаларда толук кандуу иштей алган, тренерлик сапаттарга ээ, креативдүү окутуучулардан болушу керек!

3. **Колледждин коомчулуктагы имиджин көтөрүү**

Учурда коомчулуктун пикири, коомчулуктагы мекеменин имиджи өзгөчө орунда турат. Андыктан Нарын педагогикалык колледжинин бай тарыхына таянып, коомчулукта мыкты пикир жаралышы шарт. Ар бир мектептин бүтүрүүчүсү, ата-энелер колледждин кесиптик билим берүү системасына кызыгып, ар бир ишкерлер, юридикалык жактар, мамлекеттик мекемелер биздин окуу жай менен кызматташууга кызыкдар болушу керек!

4. **Окуу жайдын инфраструктурасын жакшыртуу**

Кесиптик билим берүү жана ага даярдоо шарттарын жакшыртуу өтө маанилүү иш аракет. 2026-жылга карата Нарын педагогикалык колледжи Нарын индустриалдык педагогикалык колледжи болуп иш алып баштоосу менен окуу жайда бул багытта шарттар түзүлүп баштоосу зарыл. Мекеме экологиялык, психологиялык жана физикалык коопсуздукту камсыздоо менен, спорт залы салынып, спорт аянтчасы, имараттын сырткы экологиялык абалы жакшырып, индустриалдык багытта кесиптик билим берүүгө даярдоо үчүн ар кандай лабораториялардын өнөркананын долбоорлору даяр болот.

**Сапат саясаты:**

• Уюм тарабынан кабыл алынган негизги принциптер жана сапат стандарттары кандай?

• Уюм бул стандарттардын аткарылышын кантип камсыздайт?

• Кандай сапатты көзөмөлдөө жана баалоо механизмдери колдонулат?

**Уюм төмөндөгү принциптердин негизинде иш алып барат:**

1. **Баардык билимдер - мыкты кесипкөйлүк үчүн!** Ар бир берилип жаткан билимдер, сабактар студенттердин келечектеги кесипкөй инсан болушуна өбөлгө түзүшү керек.

2. **Кесиптик билим кандай баалуу болсо, инсандык сапат андан маанилүү!** Студенттер кесипке даярдоодон сырткары, жумшак көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн шарттарды түзөбүз.
3. **Усулдук өнүгүү – кесипке даярдоо өзөгү!** – окутуучулардын усулдук муктаждыктарын изилдөө , ал муктаждыктарга жараша керектүү усулдук тажрыйба, усулдук колдонмо ресурстар менен камсыздоо аракеттерин көрөбүз. Ар бир окутуучу өз усулдук тажрыйбасын, кесиптик билимин көтөрүүнүн үстүндө иш алып барат.
4. **Жоопкерчилик бизин ийгиликке өбөлгө! –** мекеменин кызматкерлеринин ишке болгон жоопкерчилиги атайын жамааттык талкуу менен кабыл алынган жоболор аркылуу ишке ашырылат.
5. **Адам ресуртары – баарынан жогору! -** мекемедеги ар бир кызматкер сый мамилеге татыктуу. Ар бир кызматкер мыкты иштеген иши үчүн, мекеменин өнүгүүсүнө кошкон салымы үчүн сыйланууга, мыкты мотивацияларды алууга татыктуу.
6. **Коомчулуктун пикири баарынан кымбат!** – биздин мекеменин келечектеги ийгилиги өнөктөштөр менен гана болот. Коомчулуктун жакшы пикирине ээ болуу биздин негизги приориттүү багыттарыбыздын бири.
7. **Окуу, иштөө жана кесипке ээ болуу үчүн мыкты шарттар!** - мекеменин инфраструктурасы жакшыртуу үчун баардык аракеттерди кылабыз.

Бул стандарттарды, принциптерди ишке ашыруу үчүн атайын стратегиялык максаттар көрсөткүчтөр иштелип чыгып, иштер пландаштырылды.

Ал эми бул багытта иштерди көзөмөлгө алуу жана мониторинг жүргүзүп, иштерди тууралап жөнгө салып туруу үчүн атайын пландын ар бир бөлүгү үчүн мониторинг планы иштелип чыккан жана бул боюнча иштер алып барылууда.

**Стратегия:**

• Уюм тарабынан коюлган узак жана кыска мөөнөттүү максаттар кандай?

Уюмдун стратегиялык максаттары 6 багытта иштелип чыккан жана ар максатка күтүлүүчү натыйжалар бекитилген. (Стратегиялык өнүгүү план тиркелет)

• Бул максаттарга жетүү үчүн кандай кадамдар жана ресурстар керек?

Стратегиялык максаттарга мекеменин атайын иш планы иштелип чыгып, кадамдар аныкталган. Ар бир багыт өзүнүн приориттүүлүгүнө жараша ресурстар, каражаттарды табуу үчүн аракеттер көрулүүдө. Алсак, мекеменин имараты капиталдык ремонттон өтүү үчүн АБРдин «Сектордук өнүктүрүү: Инклюзивдик өсүү үчүн көндүмдөр» долбоорунун алкагында 20 млн сом акча каражаты жумшалмакчы. Мекеменин жаңы спорт залынын курулушуна долбоор даярдалып өткөрүлдү.

• Стратегия пикирлердин негизинде кантип көзөмөлдөнөт жана тууралана т натыйжалар?

1. Стратегиялык планды түзүүдө мекеменин кызматкерлери толугу менен катышты. Мындан сырткары коомчулук менен иш алып баруунун абалын талдоо боюнча комиссия тарабынан коомчулук, ата-энелердин пикирлери чогултулду
2. Студенттердин пикирлери эске алынды.
3. Мекеменин башкаруу структурасы стратегиялык максаттарды ишке ашыруу үчүн 7 максатка боюнча 7 команда түзүлдү. Ал команда лидерлери мекеменин стратегиялык командасынын мүчосү болуп эсептелет. Мекеменин ар кыл багыттагы көйгөйлөр, жетишкендиктер стратегиялык команданын чогулушунда талкууланып турат.

4. Мекеменин атайын педагогикалык, усулдук, циклдар боюнча, стратегиялык команданын жыйынында мекеменин тиешелүү багыттары боюнча иштер талкууланып, аткарылган иштер боюнча, көйгөйлөр жана аларды изилдөө иштери жана ишке ашыруу иштери каралат.

**Тастыктоочу документтер:**

Тиркемелер:

1. Мекеменин стратегиялык планы
2. Стратегиялык планды бекитүү боюнча ПК
3. Директордун буйругу
4. Мониторинг талдоо планы

## Аккредитация стандарты 1.
## Билим берүү уюмунун сапатты камсыздоо саясаты

Билим берүү уюмунун сапатты камсыздоо саясаты коомчулук жана алардын стратегиялык башкаруу бөлүгү болуп саналат. Андыктан сырткы кызыкдар тараптарды тартуу менен тиешелүү башкаруу жана тейлөө түзүмдөрүн (структураларды) иштеп чыгат жана иш аракетке киргизет.

| | |
|---|---|
| **S** | 1. Уюмдун атайын документтештирилген стратегиялык планы иштелип чыккан<br>2. Стратегиялык планды иштеп чыгууда мекеменин жалпы жамааты, студенттер жана коомчулук пикирин кошулду.<br>3. Мекеменин баамдоо (видение), мүдөө (миссия), максаттары так, ачык айкын иштелип чыккан<br>4. Стратегиялык планды баалоого АБРдин атайын эксперттик тобуна баалоо үчүн жиберилген<br>5. Мекеменин стратегиялык планы, белгилүү ыраат менен багыттарга бөлүнүп тузүлгөн.<br>6. Мекеменин мүдөөсү коомчулукту кызыктыра алат.<br>7. Нарын мамлекеттик университети тарабынан атайын ресурстук база катары түздөн түз колдоо көрсөтөт<br>8. Уюм билим берүү саясатынын негизги приоритети сапат экендигин түшүнөт.<br>9. Сапатты жүзөгө ашыруунун маанисин кызматкерлерге эле эмес ата-энелерге, иш берүүчүлөргө түшүндүрүүгө аракет кылат.<br>10. Уюм камкордук кеңешинин ордун жана маанисин жакшы түшүнөт. Бул багытта иш алып барууга колдон келген аракетин жумшап жатат<br>11. Уюмдун атайын мониторинг жүргүзүү саясаты боюнча пландар иштелип чыккан жана ал мекеменин страт планына толугу менен дал келет.<br>12. уюмдун ишин алып баруу үчүн атайын багыттар белгиленген жана ага тиешелүү иш алып баруучуу командалар бекитилген.<br>13. уюмда маалымат алмашуу, маалыматтарды сактоо жана керектүү маалыматтарды алышууу берүү үчүн кадимки жөнөкөй системалар аркылуу ишке ашыруу системасы калыптанып келе жатат. |
| **W** | 1. Студенттерди мекеменин айрым маселелерин чечүүгө активдүү аралаштыруу зарыл |
| **O** | 1. Стратегиялык максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн мекеменин бир катар өнөктөштөр менен тыгыз алака түзүлөт.<br>2. Студенттерди, окутуучуларды активдештирүү үчүн Нарын шаардык мэриясы колдоп берүүгө даяр. |

| | |
|---|---|
| | 3. Студенттердин ар кандай иш чараларды өткөрүү жана жумуш менен практиканы айкалыштырып иш барууга базалык бала бакча, мектептер, технологиялык каражаттарга бай өнөктөштөр бар. |
| **T** | 1. Коомчулукта имиджди мындан ары дагы көтөрүү зарыл. |

**1.1. Билим берүү уюмунун документтештирилген миссиясы, көз карашы, сапат чөйрөсүндөгү билим берүү уюмунун саясаты жана стратегиясы. Баамдоо келечектеги айкын сценарийди, билим берүүнүн ордун жана ролун баалоону камтыйт.**

**Миссия:**

2023-жылы сентябрь айында окуу жайдын жетекчилиги алмашканына байланыштуу жана мурдагы стратегиялык пландын мөөнөтү аяктаганына байланыштуу жаңы стратегиялык планды иштеп чыгуу чечими кабыл алынды. Бул аккредитацияга карата ички баалоо жүргүзүү иш аракети менен дал келди. Бул багытта мекеменин кызматкеринен 7 багыттагы эксперттик комиссия мекеменин SWOT талдоо жүргүзүп, тиешелүү багыттарды, стратегиялык максаттарды, мекеменин баамдоо (видение), мүдөөсүн (миссия) иштеп чыгып, педагогикалык кеңешмеге сунушталды.

**SWOT талдоо жүргүзүү үчүн төмөндөгүдөй багыттар аныкталды:**

1. Кесипке даярдоо багытындагы билим сапаты
2. Студенттердин жумшак көндүмдөрүн калыптандыруу иш аракети
3. Окутуучулардын усулдук чеберчилигин жогорулатуу жана үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүсүн камсыздоо
4. Кызматкерлердин ишке болгон жоопкерчилигин күчөтүү
5. Кызматкерлерге жагымдуу климат жана мотивациялык иш аракеттерди уюштуруу
6. Коомчулук менен болгон байланышты жакшыртуу
7. Мекеменин инфраструктурасын жакшыртуу

Бул багытта комиссия мекеменин ишине SWOT талдоо жүргүзгөндөн соң ар бир багыт боюнча стратегиялык максаттар, мекеменин миссиясы, негизги иш багыттары, мүдөөсү, принциптери иштелип чыгып, мекеменин педагогикалык кеңешинин кароосуна сунушталып бекитилди.

Окуу жайдын **негизги максаты** өнүгүп жаткан коомдун талабына ылайык өзгөрүүгө даяр кесибин сүйгөн жана алардын жеке инсандык жана социалдык – коммуникативдик сапаттары жетилген, көп тилдүү, кесипкөй адистерди даярдоо болуп саналат.

**Окуу жайдын миссиясы:** Кесиптик компетенттүүлүгү жогору, профессионал адис болом деген патриот, soft skills көндүмдөрүнө ээ, улуттук баалуулуктарды туу туткан инсандар биздин окуу жайдан окуусу керек болот.

**Окуу жайдын багыттары:**

1. Студенттердин кесиптик сапаты жана жумшак көндүмдөрүн калыптандыруу
2. Окутуучулардын үзгүлтүксүз кесиптик өсүшүн, ишке болгон жоопкерчилигин камсыздоо жана мотивациялоо
3. Коомчулуктун кызыгуусун арттыруу
4. Инфраструктураны жакшыртуу

**Баамдоо:**

• Уюм түзүүгө умтулуп жаткан келечек кандай болот же кандай карайт? ал аракет кылып жатабы?

• Узак мөөнөттүү келечекте уюм эмнеге жетишүүнү пландаштырууда?

• Көз караш билим берүүнүн учурдагы жана келечектеги тенденцияларына кандай тиешеси бар?

Мекеме 2030 – жылга карата педагогикалык кесип менен катар базар шартында коомчулукту керектүү адистиктер менен камсыздаган, инновациялык идеяларды жана тажрыйбаларды жайылтуучу Кыргызстандагы эң мыкты 5 кесиптик орто окуу жайынын катарында иш алып барат.

1. **Келечектеги адистердин компетенттүү адистерди даярдоо жана аларды жумшак көндүмдөрүн өнүктүрүүнү камсыздоо**

Учурда заман талабына ылайык мыкты, жоопкерчиликтүү, билимдүү адис болуу жетишсиз болуп калды. Азыркы учурда ийгиликтүү инсан болуу үчүн кесиптик компетенттүүлүккө умтулуп, адис катары анын лидерлик сапаттары, өзүн өзү уюштуруу, өзүн өзү талдоо, долбоорлорду түзүү, командада иштей билүү компетенттүүлүктөрү калыптандыруу зарыл. Андыктан, 2026-жылга карата биздин бүтүрүүчүлөр кесиптик эң керектүү тажрыйбаларды жана теорияларды практика менен айкалыштырып кесипке даярдык көрүшөт. Мындан сырткары, студенттер soft skills багыты боюнча кошумча курстардан өтүп, компетенттүүлүгүн калыптандырышат. Өз алдынча социалдык долбоорлорду иштеп чыгышат, атайын программаларды иштеп чыгышат. Ошондой эле кесипкөй адис катары медиа сабаттулугун жогорулата алышат.

Жыйынтыктап айтканда, биздин бүтүрүүчүлөр кесипкөй адис болуу менен катар социализациялоо иш аракетине керектүү көндүмдөргө ээ болуп чыгышы керек!

2. **Окутуучулардын усулдук чеберчилигин, жоопкерчилигин күчөтүү жана мотивациялоо**

Кесиптик даярдоонун заманбап талаптарын жогорулатуу үчүн албетте окутуучулардын кесиптик потенциалы жогору болуусу шарт, алар билим берүү системасы кандай нукта өнүгүшү керек экендигин алдын ала баамдоо менен тиешелүү окуу методикалык комплекси (ОМК) иштеп чыгып, сапатту сабактарды өтүүсү зарыл. Андыктан биздин окутуучулар учурдагы заманталабына ылайык сабактарды өтүүгө, практикага жана иш менен айкалыштырууга негизделген сабактар окутуу усулдарынын негизи болот.

Окутуучулар ОМК иштеп чыгуу компетенциясы өнүккөн, маалыматтык – технологиялык каражаттарды керектүү программаларда толук кандуу иштей алган, тренерлик сапаттарга ээ, креативдүү окутуучулардан болушу керек!

3. **Колледждин коомчулуктагы имиджин көтөрүү**

Учурда коомчулуктун пикири, коомчулуктагы мекеменин имиджи өзгөчө орунда турат. Андыктан Нарын педагогикалык колледжинин бай тарыхына таянып, коомчулукта мыкты пикир жаралышы шарт. Ар бир мектептин бүтүрүүчүсү, ата-энелер колледждин кесиптик билим берүү системасына кызыгып, ар бир ишкерлер, юридикалык жактар, мамлекеттик мекемелер биздин окуу жай менен кызматташууга кызыкдар болушу керек!

4. **Окуу жайдын инфраструктурасын жакшыртуу**

Кесиптик билим берүү жана ага даярдоо шарттарын жакшыртуу өтө маанилүү иш аракет. 2026-жылга карата Нарын педагогикалык колледжи Нарын индустриалдык педагогикалык колледжи болуп иш алып баштоосу менен окуу жайда бул багытта шарттар түзүлүп баштоосу зарыл. Мекеме экологиялык, психологиялык жана ьфизикалык коопсуздукту камсыздоо менен, спорт залы салынып, спорт аянтчасы,

имараттын сырткы экологиялык абалы жакшырып, индустриалдык багытта кесиптик билим берүүгө даярдоо үчүн ар кандай лабораториялардын өнөркананын долбоорлору даяр болот.

**Сапат саясаты:**

• Уюм тарабынан кабыл алынган негизги принциптер жана сапат стандарттары кандай?
• Уюм бул стандарттардын аткарылышын кантип камсыздайт?
• Кандай сапатты көзөмөлдөө жана баалоо механизмдери колдонулат?

**Уюм төмөндөгү принциптердин негизинде иш алып барат:**

1. **Баардык билимдер - мыкты кесипкөйлүк үчүн!** Ар бир берилип жаткан билимдер, сабактар студенттердин келечектеги кесипкөй инсан болушуна өбөлгө түзүшү керек.
2. **Кесиптик билим кандай баалуу болсо, инсандык сапат андан маанилүү!** Студенттер кесипке даярдоодон сырткары, жумшак көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн шарттарды түзөбүз.
3. **Усулдук өнүгүү – кесипке даярдоо өзөгү!** – окутуучулардын усулдук муктаждыктарын изилдөө , ал муктаждыктарга жараша керектүү усулдук тажрыйба, усулдук колдонмо ресурстар менен камсыздоо аракеттерин көрөбүз. Ар бир окутуучу өз усулдук тажрыйбасын, кесиптик билимин көтөрүүнүн үстүндө иш алып барат.
4. **Жоопкерчилик биздин ийгиликке өбөлгө!** – мекеменин кызматкерлеринин ишке болгон жоопкерчилиги атайын жамааттык талкуу менен кабыл алынган жоболор аркылуу ишке ашырылат.
5. **Адам ресуртары – баарынан жогору!** - мекемедеги ар бир кызматкер сый мамилеге татыктуу. Ар бир кызматкер мыкты иштеген иши үчүн, мекеменин өнүгүүсүнө кошкон салымы үчүн сыйланууга, мыкты мотивацияларды алууга татыктуу.
6. **Коомчулуктун пикири баарынан кымбат!** – биздин мекеменин келечектеги ийгилиги өнөктөштөр менен гана болот. Коомчулуктун жакшы пикирине ээ болуу биздин негизги приориттүү багыттарыбыздын бири.
7. **Окуу, иштөө жана кесипке ээ болуу үчүн мыкты шарттар!** - мекеменин инфраструктурасы жакшыртуу үчун баардык аракеттерди кылабыз.

Бул стандарттарды, принциптерди ишке ашыруу үчүн атайын стратегиялык максаттар көрсөткүчтөр иштелип чыгып, иштер пландаштырылды.

Ал эми бул багытта иштерди көзөмөлгө алуу жана мониторинг жүргүзүп, иштерди тууралап жөнгө салып туруу үчүн атайын пландын ар бир бөлүгү үчүн мониторинг планы иштелип чыккан жана бул боюнча иштер алып барылууда.

**Стратегия:**

● Уюм тарабынан коюлган узак жана кыска мөөнөттүү максаттар кандай?

Уюмдун стратегиялык максаттары 6 багытта иштелип чыккан жана ар максатка күтүлүүчү натыйжалар бекитилген. (Стратегиялык өнүгүү план тиркелет)

| Максаттар | Милдеттер | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|
| **Келечектеги адистердин компетенттүү адистерди даярдоо жана аларды жумшак көндүмдөрүн өнүктүрүүнү камсыздоо багыты боюнча** | | |
| 1. **Студенттерге бирдей шартта билим алуусун** | ✔ Билим алуу үчүн ыңгайлуу жана мыкты климат түзүү | ✔ Студенттер үчүн билим, интеллектуалдык, кесиптик багыттагы 10 ийрим түзүлөт |

| | | |
|---|---|---|
| **камсыздоо, өз алдынчалуулугун жакшыртуу аркылуу кесипке даярдыгы өнүгөт** | ✔ Өз алдынча изилдөө иштерине көмөктөшүү<br>✔ Кесиптик даярдыгын өнүктүрүү | ✔ Студенттер жана окутуучулар менен бирдикте 10 автордук программа иштелип чыгат<br>✔ |
| 2. **Студенттердин жумшак көндүмдөрүн өнүктүрүү аркылуу ар тараптуу кесипкөй адистер даярдалат** | ✔ Студенттердин өзүн-өзү уюштуруу, лидерлик сапаттарын жакшыртуу<br>✔ Студенттердин командалык иштерди алып баруу, мамиле түзө билүү, баарлашуу, көндүмдөрүн калыптандыруу<br>✔ Коомго пайдалуу долбоорлорду ишке ашырууга көмөктөшүү | ✔ Лидерлик сапаттары мыкты өнүккөн 50 студент колледждин, шаардын, облустун өнүгүшү үчүн салым кошо алышат<br>✔ Ар тармактуу (лидерлик, ДЕБАТ, финансылык сабаттулук, фандрейзинг, спорт, чыгармачылык) командалар активдүү иш алып барышат<br>✔ Студенттер 3 коомдук долбоорлорду иштеп чыгышат. |
| **Окутуучулардын усулдук чеберчилигин, жоопкерчилигин күчөтүү жана мотивациялоо багыты боюнча** | | |
| *3.* **Окутуучулардын усулдук чеберчилиги автордук программа түзүү, усулдук тренер деңгээлине чейин жеткирет** | ✔ Окутуучулардын жекече усулдук тажрыйбасын байытуу жана талдоо мүмкүнчүлүгүн түзүү<br>✔ Окутуучулардын командалык иш алып баруусуна шарттарды түзүү<br>✔ Окутуучулардын коомчулуктагы усулдук көйгөйлөрдү чечүүгө аралашуу<br>✔ | ✔ Окутуучулардын 100% өзүлөрү тарабынан аткарылган иштерге талдоо жүргүзүүгө жетишилет, E bilim тармагына күнүмдүк өтүлүүчү пландары жүктөлөт.<br>✔ 20 окутуучуда усулдук тренинг, өтүлүүчү сабактарды камтыган портал же ютууб каналдары иштелип чыгат<br>✔ Окутуучулардын 100% Негизги кесиптик билим берүү<br>✔ 25 окутуучу улуттук тренер квалификациясына ээ болот<br>✔ Окутуучулардын биргелешкен 10 автордук программасы иштелип чыгат<br>✔ Окутуучулар тарабынан 30 тренинг башка тармактын, мектептердин өкүлдөрү үчүн өткөрүлөт |
| 4. **Окутуучулардын жана кызматкерлердин ишке болгон жоопкерчилиги күчөтүлөт** | ✔ Окутуучулардын жана кызматкерлердин эмгек тартибин жөнгө салуучу ЖОБОлорду иштеп чыгуу<br>✔ Ишке болгон жоопкерчиликти баалоо боюнча электрондук база ишпелип чыгат | ✔ Ички эмгек тартиби боюнча 4 жобо иштелип чыгат<br>✔ Ички эмгек тартибинин сакталышын жана иштин сапаты, аткаруучулук тартип боюнча текшерүүчү 2 электрондук база иштелип чыгат |

| | | |
|---|---|---|
| | ✔ Окутуучулардын убактысын үнөмдөө, иш кагаздарын санариптештирүү боюнча чараларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү | ✔ Иш кагаздардын оптималдуу 20 үлгүсү иштелип чыгат жана санариптештирилет |
| 5. **Эмгек жамаатынын жана студенттерге мотивация берүү аркылуу алардын ишке жана окууга болгон кызыгуусун көтөрүү** | ✔ Педагогикалык жана тейлөө кызматкерлерге мотивациялоо иш аракеттерин уюштуруу<br>✔ Студенттерге мотивациялоо иш аракеттерин уюштуруу<br>✔ Сыйлыктарга көрсөтүү жана тартибин ЖОБОлоштуруу | ✔ Эмгек жамаатына мотивация берүү максатында 4 сыйлык наамдар иштелип чыгып жоболоштурулат<br>✔ Психологиялык маанайды көтөрүүчү иш чаралар өтүлөт<br>✔ Студенттер үчүн 3 сыйлык наамдын варианттары иштелип чыгат жана жоболоштурулат |
| **Колледждин коомчулуктагы имиджин көтөрүү багыты боюнча** | | |
| 6. **Коомчулук менен кызматташтыкты өнүктүрүү аркылуу мекеменин имиджи көтөрүлөт** | ✔ Эл аралык жана менчик уюмдар менен кызматташтык жакшыртуу<br>✔ Мамлекеттик уюмдар менен байланышты жакшыртуу аракеттерин көрүү<br>✔ Бүтүрүүчүлөр жана ата-энелер менен иштөө<br>✔ Спорттук мекемелер менен иш алып баруу<br>✔ PR менеджент тармагын өнүктүрүү<br>✔ Гендерлик теңчиликти камсыздоо саясатын колдоо<br>✔ | ✔ Кеминде эки чет элдик окуу жайлар менен байланыш түзүлөт<br>✔ Кыргызстандын аймагында иштеген 10 уюм менен активдүү, кызматташтык алакалар түзүлөт<br>✔ Мамлекеттик мекемелер менен стратегиялык мөөнөт ичинде биргелешкен 30 иш чара өткөрүлөт, студенттер практикалык тажрыйбасын жакшыртып, мекемелер үчүн волонтерлук иш аракеттерди аткарышат<br>✔ Ата-энелердин маалымдуулугу жогорулайт жана мекеменин ишине 50% активдүү аралашат<br>✔ Бүтүрүүчүлөр ассоциациясы мекеменин көйгөйлөрүн чечүүдө активдүү көмөктөшөт<br>✔ Спорттук мекемелер колледждин бүтүрүүчүлөрүн атайын спорттук наамдар менен камсыздоо жагын 100% кепилдикке алат<br>✔ Мекеменин сайты, социалдык баракчалары волонтер студенттердин жардамы |

| | | |
|---|---|---|
| | | менен активдүү иш алып барат, УТРК Нарын, Нарын шаарындагы жана районундагы медиа борборлор, ЖМБ, АКИ ПРЕСС, Солнечный Нарын ж.б. кызматташтык жакшырат<br>✔ ЖМБ мүчөлүгүнө кабыл алынат |
| **Окуу жайдын инфраструктурасын жакшыртуу багыты боюнча** | | |
| **7. Мекеменин окуу шарттарын коопсуздук абалга алып келүү жана жакшыртуу** | ✔ Мекеменин ички шарттарын жакшыртуу<br>✔ Окуу имаратынын тегерегин көрктөндүрүү жана коопсуздандыруу<br>✔ Кошумча имараттардын курулушу боюнча иш аракеттерди аткаруу | ✔ Мекеменин ички бөлүгү экологиялык коопсуз имаратка айланат<br>✔ Мекеменин айланасы көрктөндүрүлүп, экологиялык жактан абалы жакшырат<br>✔ Кошумча иматтар жана окуу имараты капиталдык ремонттон өтөт |

• Бул максаттарга жетүү үчүн кандай кадамдар жана ресурстар керек?
Стратегиялык максаттарга мекеменин атайын иш планы иштелип чыгып, кадамдар аныкталган. Ар бир багыт өзүнүн приориттүүлүгүнө жараша ресурстар, каражаттарды табуу үчүн аракеттер көрүлүүдө. Алсак, мекеменин имараты капиталдык ремонттон өтүү үчүн АБРдин «Секторду өнүктүрүү: Инклюзивдик өсүү үчүн көндүмдөр» долбоорунун алкагында 20 млн сом акча каражаты жумшалмакчы. Мекеменин жаңы спорт залынын курулушуна долбоор даярдалып өткөрүлдү.
• Стратегия пикирлердин негизинде кантип көзөмөлдөнөт жана тууралanat натыйжалар?

1. Стратегиялык планды түзүүдө мекеменин кызматкерлери толугу менен катышты. Мындан сырткары коомчулук менен иш алып баруунун абалын талдоо боюнча комиссия тарабынан коомчулук, ата-энелердин пикирлери чогултулду
2. Студенттердин пикирлери эске алынды.
3. Мекеменин башкаруу структурасы стратегиялык максаттарды ишке ашыруу үчүн 7 максатка боюнча 7 команда түзүлдү. Ал команда лидерлери мекеменин стратегиялык командасынын мүчөсү болуп эсептелет. Мекеменин ар кыл багыттагы көйгөйлөр, жетишкендиктер стратегиялык команданын чогулушунда талкууланып турат.
4. Мекеменин атайын педагогикалык, усулдук, циклдар боюнча, стратегиялык команданын жыйынында мекеменин тиешелүү багыттары боюнча иштер талкууланып, аткарылган иштер боюнча, көйгөйлөр жана аларды изилдөө иштери жана ишке ашыруу иштери каралат.

**Тастыктоочу документтер:**
Тиркемелер:
1. Мекеменин стратегиялык планы
2. Стратегиялык планды бекитүү боюнча ПК
3. Директордун буйругу
4. Мониторинг талдоо планы

1.2. **Билим берүү мекемеси миссияга негизделген стратегияны ишке ашырат жана кыска, орто жана узак мөөнөттүү максаттарды жана милдеттерди пландаштыруу аркылуу билим берүү мекемесин өнүктүрүү боюнча сунуштарды камтыйт. Билим берүү уюмунун Камкорчулар кеңеши билим берүү саясаты жана сапатын камсыз кылуу үчүн жооптуу процесске катышат.**

1. **Стратегиялык пландоо:**
   - **Мекеме өзүнүн кыска, орто жана узак мөөнөттүү максаттарын жана милдеттерин кантип аныктайт?**

Мекеме өзүнүн ар бир түзүмдүк бөлүктөрдүн пландарын, жылдык пландарды иштеп чыгууда, стратегиялык өнүгүү планынын, андагы, стратгеиялык максаттары жан миссиясы жана багыттарды эске алуу менен жүргүзөт.

Мекеменин миссиясы мекеменин алдына койгон негизги стратегиялык максаттарда чагылдырылат. Миссия аркылуу иштин негизги багыттары, стратегиялык максаттар аныкталат. Ал эми кабыл алынган миссия максаттарга

**Стратегиялык планга мониторинг жүргүзүү жана оңдоо үчүн кандай механизмдер колдонулат?**

Стратегиялык планга мониторинг жүргүзүү үчүн атайын мониторинг жүргүзүү иш планы иштелип чыккан. Дал ошол планга ылайык үч деңгээлде каралат.

1. Цикл, борборлор жана бөлүмдөрдүн иш планына ылайык
2. Усулдук кеңештин планына ылайык
3. Стратегиялык команданын чогулушу
4. Педагогикалык кеңештин планына ылайык маселелер каралып талданып турат.

Мындай мониторингдердин ар кандай ыкмалары колдонулууда. Алардын ичинен эң жакшы практикаланып жаткан google form платформасы аркылуу анкеталар алынып, талдоо жүргүзүлүүдө. Платформа аркылуу өнөктөш билим берүү мекемелеринин, иш берүүчүлөрдүн, студенттердин пикирлери жыйналып талдоодон өтүп, тиешелүү стратегиялык планды иштеп чыгууда пайдаланылды.

Мындан сырткары мекеменин ишмердүүлүгүнө АБРдин “Сектодук өнүктүрүү программасы: инклюзивдик өсүү үчүн көндүмдөр” долбоорунун алкагында атиайын мониторинг уюштурулууда.

2. Камкордук кеңешинин ролу:
   - Билим берүү саясаты жана сапаты боюнча Камкорчулар кеңешинин кызматы жана милдеттери кандай?

Мекеменин камкордук кеңеши атайын процедурага ылайык Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан чыгарылган буйруккка ылайык түзүлгөн. Атайын иштелип чыккан жобого ылайык иш алып барат.

Жобого ылайык камкордук кеңеши мекеменин бюджетин аныктайт, мекеменин стратегиялык жана жылдык иш пландарын иштеп чыгууга, мекемедеги ар кандай көйгөйлөрдүн чечүү сунуштарын бере алат. Камкорчулук кеңеши бир окуу жылында үч жолу жалпы чогулуштарга чогулат. Сентябрь, декабрь жана май айларында палндуу ал эми башка учурларда, жетекчиликтин же кеңештин өзүнүн сунушу менен чогулушу мүмкүн.

Камкорчулук кеңеши негизинен мекеме жетекчилиги жана НПК шериктеш борбору менен түзмө түз иш алып барат. Ал эми башка учурларда башка бөлүмдөр, бухгалтерия менен иштешүүгө бюджеттин аткарылышы боюнча отчет угуура укугу бар.

**Тастыктоочу документтер**

1. Ар бир түзүмдүк бөлүктөрдүн пландарын, жылдык пландарды
2. Стратегиялык план
3. Жумуш берүүчүлөрдөн алынган анкеталер
4. Бүтүрүүчүлөр үчүн анкеталар
5. КАМКОРЧУЛУК КЕҢЕШИНИН ЖОБОСУ
6. Кеңештин чогулушунун токтомдору
7. Камкордук кеңеши буйрук

**1.3. Билим берүү мекемеси мезгил-мезгили менен өз стратегиясын талдап, оңдоп турат. Бул пункт үзгүлтүксүз өркүндөтүү принцибине негизделген жана билим берүү мекемесинин учурдагы шарттарды, тышкы жана ички өзгөрүүлөрдү талдоонун негизинде өзүнүн стратегиясын үзгүлтүксүз карап чыгуу жана оңдоо зарылдыгына багытталган.**

**Карала турган суроолор:**

**1. Талдоонун мезгилдүүлүгү:**

Мекеме өзүнүн стратегиясын канча жолу карап турат?

Мекеме өзүнүн стратегиялык планынын негизинде түзүлгөн мониторинг жана баалонун планына ылайык иш алып барат. Мындай талдоолор төрт деңгээлде жүргүзүлөт:

1. Цикл, борборлор жана бөлүмдөрдүн иш планына ылайык айына бир жолу
2. Усулдук кеңештин планына ылайык айына бир жолу
3. Стратегиялык команданын чогулушу айына бир жолу
4. Педагогикалык кеңештин планына ылайык маселелер эки айда бир жолудан өткөрүлөт.

Бул талдоо кандай негизги критерийлер жана көрсөткүчтөр менен жүргүзүлөт?

Ар бир каралуучу иштер өзүнүн мүнөзүнө жана иштин түрүнө жараша жана ар бир кароочу тармактардын жобосуна ылайык келген форматта мониторинг жүргүзө алат. Мекемедеги мониторинг баалоо жана иштерди алып баруу өзгөчөлүгү атайын туруктуу негизде ар бир багыт жана стратегиялык максаттарга ылайык жүргүзүлөт.

**2. Талдоо ыкмалары:**

Учурдагы стратегияны талдоо үчүн кандай ыкмалар жана аспаптар колдонулат?

1. **Ички баалоо.** эки багытта кызматкерлер жана студенттердин катышуусунда жүргүзүлөт.

    **Кызматкерлер.** Стратегиялык иш планды иштеп чыгууда атайын мониторинг планы иштелип чыккан жана мекеменин педагогикалык кеңешинде, стратегиялык команданын жыйынында, усулдук кеңештин жана башка бөлүмдөрдүн жоболорунда белгиленген тартипте ички баалоо атайын чогулуштарда талкуулоо, тиешелүү иш процессине көз салуу жана ага онлайн база аркылуу баа берүү, ар кандай муктаждыктарды атайын иштелип чыккан онлайн анкета аркылуу бааланат жана талдоо жүргүзүлөт.

    **Студенттер.**
2. **Сырткы баалоо.** Ал эми мекеменин сырткы баалоосу болсо мекеменин камкорчулук кеңеши, эксперттик комиссиясы, иш берүүчүлөр атайын онлайн форматта жана атайын белгиленген жыйындарда баа бере алышат.

Талдоодо кандай маалыматтар жана маалымат булактары эске алынат?

Стратегиялык пландын аткарылышы боюнча мониторинг учурунда маалыматтын маанилүүлүгүнө карата, тиешелүү булактарга талдоо жүргүзүлүп, тиешелүү чечимдер кабыл алынат.

**3. Оңдоо процесси:**

Стратегияны талдоодон кийин ага кандай өзгөртүүлөр киргизилет?

Стратегиялык багыттар боюнча көйгөйлөр пайда болгон учурларда тиешелүү токтомдорго, иш чараларга, жоболор, иш пландын өзүнө атайын фокус топтордун иши жана сунушунан кийин өзгөртүү жана толуктоолор киргизилет. Бул багытта жаңы кабыл алынган стратегиялык пландын багытына ылайык, тиешелүү фокум командалардын иши жана сунушунан кийин айрым жоболорго өзгөртүү жана толуктоолор киргизилди.

Стратегияны тууралоо процессине кимдер катышат?

Стратегияны тууралоо процессине мекеменин администрациясы, жалпы кызматкерлер, коомчулуктун өкүлдөрү, студенттер жана ата-энелер катышат

**4. Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү:**

Стратегияны карап чыгуу жана оңдоо процессинде студенттердин, мугалимдердин жана башка кызыкдар тараптардын ролу кандай?

Сапат менеджмент багыты боюнча иш алып барган адис тарабынан студенттерден, окутуучулардан жана иш берүүчүлөрдөн ар кандай чогултулган сунуштардын негизинде атайын тиешелүү багыт боюнча командалар НПКнын уюмдардын иштөө тартибин аныктоо ЖОБОсун ылайык өзгөртүү жана толуктоолорду сунуштайт жана педагогикалык кеңеште бекитилет.

Бул процесстин ачыктыгы жана айкындуулугу бардык катышуучулар үчүн кантип камсыз кылынат.

Мындай иши аракеттерди ачык айкындуулугун камсыздоо үчүн НПКда сунуш пикирлерди калтыруу үчүн атайын база иш алып барат. Бул жакка баардык кызыктар тараптар өз пикирлерин калтыра алышат. Ал эми киргизилген сунуш пикирлер же аткарылган иштер боюнча жаңылыктар мекеменин сайтына жарыяланып турат.

**Кошумча тиркемелер:**

1. Стратегический план
2. Отчеты о проведенном анализе выпускники
3. Отчеты о проведенном анализе работодатели
4. Жоболорго өзгөртүү киргизүү боюнча ПК токтому
5. НПКнын уюмдардын иштөө тартибин аныктоо ЖОБОсу
6. НПКда сунуш пикирлерди калтыруу үчүн атайын база

**1.5. Сапатты камсыз кылуу үчүн жооптуу адамдар же бөлүмдөрдү даярдоо**

**1. Жооптуу адамдарды аныктоо:**

- Билим берүү сапатын камсыз кылуу үчүн жооптуу ким же кайсы бөлүм даярдалган?
- Бул процессте алардын негизги милдеттери жана функциялары кандай?

НПКнын стратегиялык планындагы бекитилген стратегиялык максаттардын ар бирин ишке ашыруу үчүн колледжде 7 борбор түзүлгөн. Ар борбордун тиешелүү функционалдык милдеттери атайын жобо менен бекитилген.

**2. Ыйгарым укуктары жана милдеттери:**

- Белгиленген адамдардын же бөлүмдөрдүн ыйгарым укуктары кандай?
- Алар керектүү ресурстарга жана маалыматка жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээби өз милдеттерин аткарып жатабы?

- Конкурстук комиссия атайын критерийлерге ылайык конкурстун жеңүүчүсүн аныктайт.
- “Студенттин өздүк иши” конкурсунун жеңүүчүлөрү грамота, ыраазычылык кат жана сертификаттар менен сыйланат
- Окутуучуларга “Мыкты илимий жетекчи” номинациясында грамота тапшырылат

- **3. Интеграцияланган маалымат системасы:**

  - **Бул система кандай функцияларды аткарат?**

Студенттердин өз алдынчалуулугун, жоопкерчилигин, уюштургучтугун, чыгармачыл инициативасын, активдүүлүгүн, окуу-методикалык, илимий, маалыматтык адабияттарды колодоно билүү жөндөмүн калыптандыруу;
Студенттерге өз алдынча иштөөнү, алган билимин чыгармачылык менен колдонууну үйрөтүү;
Теория менен практиканы айкалыштыруу:

**Ал билим берүү процессине кандайча интеграцияланган?**

Планга ылайык окутуучу тарабынан сунушталган баардык тапшырмаларды аткаруу жана сактоо электрондук түрдө жүргүзүлүп, eBilim программасына киргендеги интерфейсинде жайгашкан методикалык сунуштар жана талаптарга ылайык жазылышы керек. Заманбап окуу процессинде өз алдынча иштөө камсыз кыла ала турган билим берүү уюмунун формасы катары каралат. Зарыл болгон маалыматты өз алдынча издөө, чыгармачылык кабылдоо жана класстык сабактарда окуу материалын түшүнүү, ар кандай формалар группадагы жана группадан тышкаркы убакта студенттердин таанып билүү активдүүлүгү, аналитикалык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, контролдоо жана билим берүү пландаштыруу көндүмдөрүн убакыт, окуу-тарбия иштерин рационалдуу уюштуруу боюнча билгичтиктерди жана шыктарды өнүктүрүү.

- окуу материалын талдоо (лекция конспектилери, окуу китеби, баштапкы булак, кошумча адабияттар);
- жооптун планын жана рефератын түзүү;
- диаграммаларды, аналитикалык таблицаларды, пазлдарды, кроссворддорду түзүү окуу материалын системалаштыруу;
- билдирүүлөрдү, отчетторду даярдоо.

- **Студенттер жана мугалимдер системаны кантип колдонушат?**

СӨИне мониторинг жүргүзүү жана баалоо системалуу жана негиздүү болууга тийиш. Студенттин өз алдынча иштөө формасы так түзүлгөн тапшырма болуп саналат.

Ичинде ал тарабынан аткарылган дисциплинанын иш программасына жана СӨИнын графигине ылайык студентке белгилүү бир дата боюнча класстан тышкаркы убакытта иштелген иш аракетти жазылат.

Берилген тапшырманын жыйынтыгы оозеки же жазуу түрүндө болуусу шарт.

Жыйынтык чыгарууда модулдун изилдөөнүсү эске алынышы керектелет.

Студенттин өз алдынча ишинин жыйынтыгын баалоо критерийлери төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

- студенттин окуу материалын өздөштүрүү деңгээли;
- аткарууда студенттин теориялык билимин колдоно билүүсү, практикалык маселелер;
- жооптун негиздүүлүгү жана аныктыгы;
- стандарттын талаптарына ылайык материалды долбоорлоо;
- максаттарга ылайык компетенциялардын өнүгүү деңгээли жана дисциплинаны изилдөөнүн максаттары

**Тастыктоочу документтер:**

1. **Окутуу технологияларынын сүрөттөлүшү**: Методикалык сунуштар, курстар, программалар жана заманбап технологияларды колдонууну тастыктаган башка материалдар тренинг.

2. **Маалыматтык системага кирүү**: Логиндер жана паролдор, кирүүнүн үлгүсү, системаны колдонуу боюнча нускамалар жана колдонмолор.

3. **Системаны колдонуу статистикасы**: Активдүү тастыктаган отчеттор жана аналитика студенттер жана мугалимдер тарабынан системаны колдонуу.
4. **Сын-пикирлер жана пикир**: Колдонмого студенттердин жана мугалимдердин пикирлери
5. **Студенттик иштердин мисалдары**: Жаңы технологияларды колдонуу менен түзүлгөн материалдар (Слайд)
6. **Тренингдер жана семинарлар:** Мугалимдер жана студенттер үчүн материалдар жана окуу программалары

## 2.8 Баалоонун көз карандысыздыгын жана объективдүүлүгүн камсыз кылуучу окуучулардын жетишкен окуу натыйжаларына мониторинг жүргүзүү системасы.

Колледждин студенттеринин билимин баалоо үчүн окутуучулар баалоонун баа жана баллдык системаны колдонушат.

Колледжде кабыл алынган билимди баалоо методдору жана технологиялары: топ сабактар/семинарлар, СӨИ, реферат жана жеке тапшырмаларды талкуулоо, аралык контролдоо тесттер, модулдук рейтинг, сессия аралык экзамендери аркылуу бааланат.Чет тили баалоо ФОС, Модулдук-рейтинг

Бир катар окутуучулары курстардан өтүп, сабактарды өткөрүүнүн жана окуучулардын билимин баалоонун заманбап ыкмаларын жана технологияларын үйрөнүштү, баалоо боюнча квалификацияларын жогорулатышты.
Баа берүүнүн субьективдүүлүгүн камсыз кылууда модулдук иштерге код коюп текшерүү системасында алынат. Өз учурунда уй булөлук шарты, ден-соолугуна байланыштуу тапшыра албай калган студенттер учун модулду, экзамен, зачетторду кайра тапшыруу мөөнөтү берилет.
Колледжде баалоо жол-жоболорунун ачыктыгы камсыз кылынат.1-2-модулдун жыйынтыгы менен семестр жыйынтыкталат. Модуль аралык учурдагы баалары, студенттин оз алдынча иши, модулдук тапшырмалардын жыйынтык баллдарынын суммасы жыйынтык баасы болуп эсептелинет. Аралык жана жыйынтыктоочу аттестациялоо учурунда колледждин имаратында анонимдүү студенттердин даттанууларын, сунуштарын чогултуу үчүн кутучалар бекитилген, коррупцияга каршы комиссия түзүлгөн.Ишеним кутучасы
Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу тутуму(ФОС) билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун ички жана тышкы системалары аркылуу ишке ашырылуучу билим берүүнүн сапатын тескөөнүн системалык жана ырааттуу процессин камтыйт. Баалоо каражаттарынын фондунун жобосуна ылайык бааланат.Баалоо боюнча жобо

Мамлекеттик аттестация экзамендеринде жыйынтык баалары предметтик экзаменатор, иш берүүчүлөрдүн катышуусу менен бааланат. Экзамендик кабинеттерде камералар орнотулган.Жыйынтык бааларына макул болбогон студенттер аппеляциялык комиссияга кайрылуу укугу бар

**Коштоочу документтер:**

1. КР Орто кесиптик билим берүү стандарты- студенттердин билимин баалоо бөлүмү

2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ ТОКТОМ 2015-жылдын 29-декабры № 670 Инсанга багытталган окутууга жана окугандардын (студенттердин) жетишүүсүн баалоого минималдуу талаптар Токтом.pdf
3. НПКнын Устав-3.pdf
4. Жумушчу программаларда предметтик баалоо критерийлери.pdf
5. Модулдук ведомосттор Модулдук ведомост.pdf
6. Экзамендик ведомосттор
7. Жыйынтык ведомосттор
8. Жетишүү диаграммалары
9. Кайра тапшыруу баракчалары Студенттердин жүгүртмө барагы.pdf
10. Модулдук-рейтинг
11. График модуля Модулдук график (1).pdf
12. График пересдачи модуля, экзамена Жыйынтыктоочу экзамендердин графиги.pdf
13. Аппеляция
14. Сертификат баалоо боюнча Сертификат 2023
15. Баалоо боюнча жобо
16. Ишеним кутучасы

**Аккредитациялоо стандарты 3. Окутуучу жана көмөкчү курам**

| | |
|---|---|
| **S** | 1. Уюмда кызматкерлерди кабыл алуу жана жана бошотуу тартиби КРЭКтин негизинде иштелип чыккан<br>2. Аларды кабыл алууда атайын система иштелип чыкан<br>3. Мекеменин кызматкерлерин үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүшүн камсыздоо боюнча атайын план түзүлгөн жана иштеп жатат<br>4. Кызматкерлердин кесиптик өсушү өнөктөштөр, АБР долбоору тарабынан окутуулар өткөрүлүп жатат<br>5. Кызматкерлердин жоопкерчилигин күчөтүү максатында дагы бир катар жоболор иштеплип чыккан<br>6. Кызматкерлердин мотивациясы үчүн дагы атайын стратегиялыцк максат коюлуп, ал максатты ишке ашыруу үчүн атайын команда иш алып барат<br>7. Бул иш аракеттерди иш алып барууда кайтарым байланыш системасы дагы орун алган. |
| **W** | 1. Кыызматкерлерди жоборнун шарттарында иш алып барууга көнүктүрүү зарыл. |
| **O** | 1. Кызматкерлерге мотивация берүү багытында атайын Нарын шаары, Нарын району, Нарын облусу, Нарын мамлекеттик университети тарабынан бир катар сыйлык орун алууда.<br>2. Өнөктөштөр БАУ, ШПНО, Салымбеков университети, РИПК сыяктуу мекемелер мугалимдердин усулдук өнүгүүсү үчүн жардам берүүгө даяр |
| **T** | 1. Коомчулукта имиджди мындан ары дагы көтөрүү зарыл. |

**3.1 Билим берүү уюму бирдиктүү кадр саясатын иштеп чыккан жана ишке ашырууда стратегиялык өнүгүү планынын негизинде кадрларды өнүктүрүү программасы жана коомдун өнүгүшүнүн тенденциялары.**

**Карала турган суроолор:**

**1.Стратегиялык пландаштыруу:**

- **Уюмдун өнүгүүсүнүн стратегиялык планында кадр саясаты жана кызматкерлердин өнүктүрүү программалары кандай байланышта?**
- **Кадрдык планды иштеп чыгууда стратегиялык пландын негизги максаттары жана милдеттери кандай?**

Жогоруда белгиленгендей НПК стратегиялык планында 7 багыт боюнча иш алып барууга багытталган болсо анын 3 бөлүгү кадр саясатына байланышкан. Кадрларды, кызматкерлерди өнүктүрүү максатында иштелип чыккан багыттар үч багытта иш алып барат.

1.1. **Окутуучулардын усулдук тажрыйбасын байытуу жана кызматкерлердин үзгүлтүксүз кесиптик өсүшүн камсыздоо.**
1.2. **Кызматкерлердин ишке болгон жоопкерчилигин күчөтүү.**
1.3. **Кызматкерлерге иш натыйжалуулугун жогорулатуу максатында мотивациялоо.**

**Ар бир багыт боюнча тиешелүү иш пландар иштелип чыгып, иштер аткарылууда.**

**Кадр планын иштеп чыгууда мекеме төмөнкү үч максатты алдына койду:**

1. Окутуучулардын усулдук чеберчилиги автордук программа түзүү, усулдук тренер деңгээлине чейин жеткирүү.
2. Окутуучулардын жана кызматкерлердин ишке болгон жоопкерчилиги күчөтүлөт.
3. Эмгек жамаатынын жана студенттерге мотивация берүү аркылуу алардын ишке жана окууга болгон кызыгуусун көтөрүү.

**2.Коомдун өнүгүү тенденцияларын эске алуу менен:**

- **Кадр саясатын калыптандырууда коомдогу тенденциялар, өзгөрүүлөр качан эске алынат?**

Колледждин кадрдык саясаты адистиктер боюнча окутуучулардын жогорку билимине, тажрыйбасына жана квалификациясына ылайыкталып сааттар бөлүштүрүлөт. Воканттык орундарга конкурстук негизде алынат. жаңы ачылган адистиктер үчүн квалификациясын жогорулатуу үчүн атайын курстардан окуп келишет.

- **Эмгек жана билим рыногунун керектөөлөрү кантип тандалат?**

Учурда базар экономикалык шартында адистерди даярдоо үчүн коомго керектүү адистерди, коомго кызмат кылууга жөндөмдүү проефссионал, ар тараптуу адистерди даярдоо милдети турат. Бул багытта эмгек рыногунун шарттарын изилдеп туруу зарыл. Бул багытта АБР Сектордук өнүктүрүү программасы: инклюзивдик өсүү үчүн көндүмдөр долбоорунун алкагында атайын адистер даярдалып, иш берүүчүлөрдүн жана бүтүрүүчүлөрдүн ар кыл пикирлерин изилдөө жаатын үйрөнүшкөн. Бул багытта иштер аткарылып жатат.

**3. Кадрларды өнүктүрүү боюнча иш-чаралар жана демилгелер:**

- **Персоналдарды өнүктүрүү үчүн кандай конкреттүү иш-чаралар каралган?**

➢ Окуу жыл ичинде окутуучуларды квалификациясын жогорулатуу жана персоналдык өнүктүрүү үчүн атайын уюштурулган НМУнун жана Республикалык Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу борборунун окуу тренингдери;

➢ Азия өнүктүрүү банкынын «Секторду өнүктүрүү программасы: Инклюзивдүү өсүү үчүн көндүмдөр» долбоорунун алкагында окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу курстары;

- ➢ ЮСАИДдин Окуу керемет долбоорунун алкагында уюшулган окуу, жазуу, математикалык көндүмдөрдү натыйжалуу калыптандыруу боюнча семинарлар каралган.
- **Кызматкерлердин кесиптик өсүшүнө жана квалификациясын жогорулатууга мотивациялар?**
- ➢ Усулдук тренингдердин графиги иштелип чыкты, бул мугалимдердин муктаждыктарын аныктоонун (ҮКӨ) натыйжасында келип чыкты.
- ➢ Кызматкерлердин ишине мотивация берүү үчүн НПКнын Ардак наамдары жана башка сыйлыктарга көрсөтүү жөнүндө жобосу иштелип чыкты.
- ➢ Жыл сайын окуу жылынын жыйынтыгы менен ар бир наам боюнча сыйлыктар тапшырылат.
- ➢ Айына эки жолу кызматкерлер менен жагымдуу маанайдагы мотивациялык иш чаралар, спорттук иш чаралар.
- ➢ Мыкты инсандардын тажрыйбасына тиешелүү жолугушуулар жылына 2 жолу өтүлөт.
- ➢ Кызматкерлердин иш тажрыйбасын камтыган видеороликтер, түз эфирлер жылына 4 жолу жайгаштырылат.
- ➢ Жылына бир жолу тарыхый аймактарга, табият койнунда эс алуулар, саякат уюштурулат.

**Окутуунун жана квалификациясын жогорулатуунун пландары**

- Окутуучу-көмөкчү кызматкерлердин квалификациясы, билими жана тажрыйбалары жалпысынан билим берүү программага жана билим берүү процесстеринин талаптарына шайкеш келет.
- Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу боюнча атайын жылдык иш пландар иштелип чыгат. (Тиркеме №3 2023ж.Квал.жогор.б/ча)
- Окутуучулар билим берүү мекемелери тарабынан билдирилген пландардын негизинде райондук, шаардык семинар конференцияларга катышып тажрыйба алууда.
- Азия өнүктүрүү банкынын «Секторду өнүктүрүү программасы: Инклюзивдүү өсүү үчүн көндүмдөр» долбоорунун алкагында окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу курстарынын пландары.

1. **Усулдук тажрыйбасын байытуу боюнча план**
2. **Мугалимдердин ишке болгон жоопкерчилигин күчөтүү планы**
3. **Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуунун пландары**
4. **Кызматкерлерге мотивация берүү боюнча план**
5. **Иш берүүчүлөр анкетасы**
6. **Усулдук трениингдердин графиги**
7. **Ардак наамдар жөнүндө жобо**
8. **Мугалимдердин ар кыл семинар тренингдер катышуусу жөнүндө буйруктар**

**3.2. Мугалимдердин квалификациясы программалардын ченемдик талаптарына жооп берет.**

**Бул талап билим берүү уюму окуу программаларын ишке ашыруу үчүн профессордук-окутуучулук курамдын тийиштүү деңгээлде квалификацияга ээ болушун камсыз кылууга тийиш экендигине басым жасайт. Бул билим берүү процессинин жогорку деңгээлин камсыз кылат.**

С.Нааматов атындагы НМУнун алдындагы Нарын педагогикалык колледжи бул билим берүү программасы боюнча студенттерге эффективдүү билим берүүдө жетиштүү сандагы компетенттүү кызматкерлерге ээ.

Нарын педагогикалык колледжине кызматкерлерди кабыл алуу Кыргыз Республикасынын эмгек кодексинин 2012-жылдын 29-майындагы № 346 токтому нун 11-тиркемесиндеги жобого жана НПК Уставына ылайык ишке ашат (Тиркеме №1 Устав). Мындан сырткары учурда мугалимдерди кабыл алуунун тартип эрежелери дагы кошумча иштелип чыгууда. НПКда окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу атайын түзүлгөн НМУнун Билим берүү сапат менеджмент борбору (кышкы каникул учурунда) (Тиркеме №2 НМУ план) окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу боюнча атайы үзгүлтүксүз курстарды уюштуруп, ар түрдүү семинар- тренингдерди өткөрүп келет. НПКнын планынын негизинде кадрлардын потенциалын жогорулатуу максатында НПКнын сапат менеджмент борбору жана директордун орун басары менен макулдашуусунда конкреттүү курстардын актуалдуулугун жана коллджин финансылык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен директор окутуучуларды квалификациясын жогорулатуу курстарына жөнөтүү чечимин кабыл алат. (Тиркеме №4 Буйруктар)

Азия өнүктүрүү банкынын «Секторду өнүктүрүү программасы:Инклюзивдүү өсүү үчүн көндүмдөр» долбоорунун алкагында ар кыл темада окуутуучулар билимдерин жогорулатышууда. (Тиркеме №5 АБР)

**1. Талаптарды аныктоо, мониторинг жана баалоо:**

- **Ар бир окуу программасы боюнча окутуучулардын квалификациясынын ченемдик талаптары кандайча аныкталат?**

Окутуучу-көмөкчү кызматкерлердин квалификациясы, билими жана тажрыйбалары жалпысынан билим берүү программага жана билим берүү процесстеринин талаптарына шайкеш келет жана жалпы кызматкерлердин сапаттык көрсөткүчү таблицада берилген. (Тиркеме №6-Сапаттык.көр)

Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 3-февралындагы 2004-жылдагы 53 Кыргыз Республикасында кошумча кесиптик билим берүү жөнүндө жобо” токтомуна, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 11.08.2023-жыл мыйзамына жана НПКнын Уставына ылайык иштелип чыккан (Тиркеме №7-Жобого) ылайык ишке ашат.

**Бул программанын дисциплиналарынын же модулдарынын спецификасы жана өзгөчөлүктөрүн эске алабы?**

Багыты, адистиги, дисциплиналарын эске алуу менен ири адистер тарабынан өткөрүлүүчү тематикалык жана актуалдуу темадагы семинарларга, тренингдерге катышууга жиберилет. Педагогдун, методистин, жетекчинин, кураторлордун билгичтигин өстүрүүгө, жаңы нормативдик документтер менен таанышууга жана

аларды анализдөөгө, кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатууга, өз алдынча билим алуусуна, окуу процессине инновацияларды киргизүүсү үчүн тренинг, семинарларга катышып келишет. Алган билимдерин жайылтуу максатында колледждин ичинде ар жума сайын өтүлүүчү метод күндө кайрадан өтүп беришет. (Тиркеме №8 фото отчет)

- **Мугалимдердин квалификациясынын ченемдик талаптарга ылайык келишин контролдоо кандайча жүргүзүлөт?**

Квалификацияны жогорулатуу курстарынын угуучуларынын билим деңгээлин баалоо долбоордук жана аттестациялык иштерди, рефераттарды коргоодо, экзамендерди тапшырууда жана квалификацияны жогорулатуу программаларында каралган башка жол-жоболордо билимди учурдагы контролдоонун натыйжалары боюнча жүргүзүлөт.

Окуу курсун ийгиликтүү аяктаган окутуучулар квалификацияны жогорулатуу формасына жараша колледждин кадрлар бөлүмүнө, окуу бөлүмүнө жана сапат менеджмент борборуна төмөнкү документтердин бирин тапшырышат:
- квалификациясын жогорулатуу жөнүндө күбөлүк же сертификат;
- кесиптик кайра даярдоо жөнүндө диплом;
- кошумча (жогорку) билим жөнүндө диплом.

- **Окутуучулардын квалификациясын жана кесиптик өнүгүүсүн кайра карап чыгуу канчалык көп жүргүзүлөт?**

Квалификацияны жогорулатуу (3 жылда бир жолудан кем эмес) төмөнкү түрлөрдө ишке ашырылышы мүмкүн:
-Квалификацияны жогорулатуу курстары 36 сааттан кем эмес болушу керек.
-Кесиптик кайра даярдоо;
-Экинчи билим алуу.
-Магистратура, аспирантурада, докторантурада окуу.
-Издөөчүлүк.

Квалификацияны жогорулатуунун учурдагы формасы (зарылдыгына жараша):
-эл аралык, республикалык, региондор аралык жана башка конференцияларга, кеңешме-семинарларга, тренингдерге катышуу;
- кыска мөөнөттүү курстардан өтүү;
- багыты, адистиги боюнча ири адистер тарабынан өткөрүлүүчү тематикалык жана көйгөйлүү семинарларга, тренингдерге катышуу.

**2. Квалификациялык текшерүү:**

- **Курска же дисциплинага дайындалганда мугалимдердин квалификациясын текшерүү кандайча жүргүзүлөт?**

Окуу жылынын башында мугалимдердин квалификациясын текшерүү боюнча комисссия директордун буйругу менен түзүлөт. Түзүлгөн комиссия мугалимдердин квалификациясынын дисциплинага дал келүүсүн карап, жазылган протоколдун негизинде ишке ашат. (Тиркеме №9 буйрук, протокол)

1. **Ченемдик документтер:** Окутуучулардын конкреттүү окуу пландары (Тиркемеке №10 өздүк план) же дисциплиналары боюнча квалификациялык талаптары жазылган документтер (Тиркемеке №11).
2. **Дипломдор жана сертификаттар:** Жогорку билими тууралуу документтердин көчүрмөлөрү (Тиркемеке №12), кошумча билим берүү программалары, илимий даражалар жана окутуучулук наамдар (Тиркемеке №13).

3. **Сертификациянын натыйжалары:** Окутуучулар курамын аттестациялоонун жыйынтыгы боюнча протоколдор же отчеттор.

Бул талаптарга жооп берүү үчүн билим берүү мекемеси өзүнүн окутуучулук курамынын квалификациясын эсепке алуунун жана контролдоонун так аныкталган системасына ээ болууга, ошондой эле алардын кесиптик жактан туруктуу өнүгүүсүн колдоого жана стимулдаштырууга тийиш.

**Тиркемелер:**
1.№ 346 токтомунун
2.(Тиркеме №1 Устав).
3.(Тиркеме №2 НМУ план)
4.(Тиркеме №4 Буйруктар)
5.(Тиркеме №5 АБР)
6.(Тиркеме №6-Сапаттык.көр)
7. (Тиркеме №7-Жобого)
8.(Тиркеме №8 фото отчет)
9. (Тиркемеке №10 өздүк план)
10.(Тиркемеке №11).
11.(Тиркемеке №12),
12.(Тиркемеке №13).

**3.3. Билим берүү уюмунда кадрлардын бардык топторунун квалификациясын жогорулатуу системасы бар, ал билим берүү уюмунун муктаждыктарын жана ошондой эле, жеке муктаждыктарды да эске алат. Инновациялык билим берүү программаларын жана окутуунун технологияларын киргизүү үчүн мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу жана кеситик өнүгүү саясаты жүргүзүлүүдө.**

Азыркы убакта кесиптик окуу жайларында эмгектенген окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу замандын талабы жана кесиптик жактан өнүгүүсү кадрдык саясаттын негизги критерийинин бири болуп саналат.

1. **Квалификацияны жогорулатуу системасы:**
- **Учурдагы квалификацияны жогорулатуу системасы кандай түзүлгөн?**

**Квалификацияны жогорулатууну уюштуруу жол - жобосу**

-Колледждин окутуучуларынын квалификациясын жогорулатуу колледждин директору тарабынан бекитилген квалификацияны жогорулатуунун келечектүү планынын негизинде жүргүзүлөт.

-Стажировка формасындагы квалификацияны жогорулатуу колледждин директору бекиткен планынын негизинде жүзөгө ашырылат.

-Сапат менеджмент системасынын жооптуу адиси педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу планынын негизинде формасын жана мөөнөтүн көрсөтүү менен кызматкерлерди квалификациясын жогорулатууга жиберүү жөнүндө буйруктун долбоорун даярдайт.

-Окутуучулардын негизги жумушунан ажыратуу менен окуп жаткан мезгилинде негизги иштеген жери боюнча орточо эмгек акысы сакталат. ыратылбастан жүргүзүлөт

-Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуунун жана кесиптик кайра даярдоонун натыйжалары жөнүндө маалыматтар кадрлар бөлүмүндө системалаштырылат жана аттестациядан өтүүдө эске алынат.

- **Квалификацияны жогорулатуу курстары же программалары канча убакыт аралыгында өткөрүлөт?**

- Квалификацияны жогорулатуу зарылдыгына жараша, бирок үч жылда бир жолудан кем эмес жүргүзүлөт. Педагогикалык кызматкердин квалификациясын жогорулатуудан өтүүсүнүн мезгилдүүлүгү колледж тарабынан белгиленет. (Тиркеме План НПК)

2. **Муктаждыктарды эсепке алуу:**

- **Квалификацияны жогорулатуу муктаждыктарын аныктоо үчүн кандай механизмдер колдонулат?**

Үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү (УКӨ) окуу, окутуу үзгүлтүксүз жүрөт, анткени бул кесипте биз окутуунун абалын талдап (мен да ушинтем), натыйжалуулугун арттыруу ыкмаларын издешибиз, жаңы билимдерди колдонушубуз, анан алынган жыйынтыктарды баалашыбыз керек. Анткени окуп-үйрөнүү муктаждыктарын талдоо кесиптик чеберчиликти жогорулатуу курстарынын мазмунун өзгөртүүгө өбөлгө түзөт.

- Квалификацияны жогорулатуу муктаждыктарын аныктоо боюнча анкетага окутуучулар жооп беришет (Тиркеме Анкета )
- Анкета толтурууда УКӨ боюнча колдонмону пайдалануу (Тиркеме баалоо)

- **Кызматкерлердин жеке муктаждыктарын эске алуу жагдайы кандай камсыздалган?**

НПКнын планынын негизинде түзүлгөн окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу айрым учурларда окутуучулардын тандоосу менен ишке ашат. НМУ алдындагы ЦПКга ажана башка окутуучулардын билимин жогорулатуучу курстарга окутуучулар өз дисциплиналарына жараша барышат. Семинар, тренингдердин муктаждыгына жараша кээ бир учурларда өздүк төлөөлөрү менен барып өтүп келишет.

3. **Инновация:**

- **Кандай инновациялык билим берүү программалары жана технологиялары колдонууга киргизилген?**

STEAM билим берүү,  SEA, SMART,  Жаңы билим берүү технологиялары (Canva, Learning Apps, Kahoot, Padlet,Quizizz ж.б) колдонулууда.

- · **Алардын кайынысын жакын арада ишке ашыруу пландалууда?**

STEAM билим берүү, SEA, SMART, Жаңы билим берүү технологиялары (Canva, Learning Apps, Kahoot, Padlet,Quizizz ж.б)  колдонулууда.

**4. Квалификацияны жогорулатуу саясаты:**

Квалификацияны жогорулатуунун максаты кесиптик маселелерди чечүүнүн заманбап методдорун өздөштүрүү зарылчылыгына жана квалификация деңгээлине талаптарды жогорулатууга байланыштуу  педагогикалык кызматкерлеринин теориялык жана практикалык билимдерин жаңылоо жана терендетүү болуп саналат.

- **Билим берүү мекемесинин миссиясы жана стратегиялык максаттары менен кандай байланышы бар?**

Мекеменин негизги иш багыттарында окутуучулардын үзгүлтүксүз кесиптик өсүшүн, ишке болгон жоопкерчилигин камсыздоо жана мотивациялоо боюнча камтылган.

**1. Программалар жана курстар:** Квалификацияны жогорулатууга байланыштуу окуу пландары, курстардын программалары жана материалдар боюнча документтер

2. **Өткөрүлгөн иш-чаралар жөнүндө отчёттор:** Өткөрүлгөн иш чаралар же фото, грамота отчеттор.

**3. Анкеталар жана сурамжылоолор:** Кызматкерлердин муктаждыктарын аныктоо үчүн кызматкерлер арасында жүргүзүлгөн сурамжылоолордун жана анкеталардын натыйжалары.

**4. Инновацияларды ишке ашыруу боюнча документтер:** Окутуунун инновациялык ыкмаларын же билим берүү программаларынын ишке ашырылуусун ырастоочу отчеттор же башка тастыктоочу документтер.Тиркеме- Окуу керемет фото отчет

**5. Кесиптик өнүгүүнүн саясаты:** сүрөттөгөн расмий документтер

Кызматкерлердин кесиптик өнүгүүсүнүн принциптери жана пландары чагылдырылган расмий документтер.Тиркеме-Страт план

**Документтер:**

**1.**Тиркеме Квалификация жог План НПК

**2.**Үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү

**3.**Тиркеме Анкета

**4.**Тиркеме баалоо

**5.** окуу пландары

**6.** фото, грамота отчеттор.

**7.**анкеталардын натыйжалары.

**8.**Слайд отчеттор

**9.**Тиркеме-Страт план

**3.4. Ишти өркүндөтүү үчүн кызматкерлерди кызыктыруу жана сыйлоо системасы киргизилди**

**Мотивациялоо системасы:**

Мекемеде атайын билим берүү системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн окуу жайдагы кызматкерлерди мотивациялоо багытында стратегиялык планда белгиленген атайын стратегиялык максаттардын бири болуп эсептелет. Бул багытта атайын туруктуу НПК Жагымдуу климат аталышындагы борбор иш алып барат.

Бул багытта кызматкерлер үчүн атайын мотивациялык семинарлар, атайын эс алуу турлары, сыйлыкка көрсөтүү жана ардак наамдарды берүү боюнча атайын жобо жана иш план иштелип чыккан.

**Системанын эфективдүүлүгү:**

Системанын эфективдүүлүгүн баалоо үчүн атайын мониторинг жана баалоонун планында атайын мотивациялоо боюнча бөлүм каралган. Системанын эффективдүүлүгүн баалоо боюнча жарым жылда бир баалоо жүргүзүү пландаштырылган. бул багытта баалоо жүргүзүү иш аракеттери боло элек.

**Мотивациялоо критерийлери:**

Мекеме тарабынан бир катар мугалимдер жергиликтүү бийлик органдары, билим берүүнүн республикалык органдары тарабынан жогорку сыйлыктарга татыктуу болушкан.

1. Кызматкерлерди мотивациялоо боюнча иш план
2. Сыйлыктарга жана ардак наамдарды ыйгаруу боюнча ЖОБО
3. Мотивациялык семинарлар өтүлүшү

**3.5. Студенттердин пикирин эске алуу менен окутуучулук ишмердүүлүктүн сапатын баалоо системасы иштелип чыккан жана иштеп жатат.**

**Карала турган суроолор:**

**1. Баалоо ыкмасы:**

- **Окутуу ишмердүүлүгүн баалоо ыкмасы кандай?**

Ар бир окутуучу сабак өткөндөн кийин сабак учурунда студенттер менен кайтарым байланышты түзө алгандыгы тууралуу анализ чыгарып турат. Андан тышкары жолдоштук сабактарга катышууда да окутуучулар бири-бирине анализ берип турушат. Ал анализде кайтарым байланыш боюнча пункт берилген. Анализдин жыйынтыгы циклдик отурумда талкууланып, окутуучуларга керектүү кеңештер берилет. Мындан сырткары өзүнүн өзгөчө методдору менен белгиленген окутуучулар өзүнүн тажрыйбасы менен педагогикалык окууда бөлүшүшөт.

Студенттердин учурдагы жетишүүсүн аралык аттестациясын текшерүү, жыйынтыктоочу экзамендерди, окутуунун натыйжаларын баалоо үчүн НПКнын баалоо каражаттарынын фондусу иштелип чыккан. Студенттердин билимин текшерүүдө жана окутуунун натыйжаларын баалоодо алардын критерийлери билим берүү стандартынынын негизинде ар бир предметтик дисциплиналардын программаларында көрсөтүлгөн. (Баалоо каражаттарынын фонду)

Баалоо процедурасынын объективдүүлүгүн, айкындуулугун камсыз кылуу жана студенттер да маалымдар болуу үчүн баалоонун тиешелүү критерийлери жана ыкмалары студенттре үчүн иштелип чыккан, ОМКда каралган жана НПКнын сайтында жайгаштырылган. http://www.npu.nsu.kg

Нарын педагогикалык колледжинин окутуучу-көмөкчү курамынын квалификациясын жогорулатуунун планы иштелип чыгып, бекитилген. НПК тарабынан ар бир окуу жылында окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу максатында семинар-тренингдер өткөрүлүп турат.

Студенттердин билимин баалоонун ар түрдүү ыкмаларын үйрөтүү максатында, колледждин бардык окутуучулары кесиптик билим берүүдө коюлуп жаткан талаптарга ылайык билимин жогорулатуу курстарынан өтүп турушат. (Баалоо сертификаттары)

- ❖ **Студенттердин пикири кандай жол аркылуу (сурамжылоо, анкета, интервью) ишке ашат?**

Тажрыйба көрсөткөндөй, мугалим менен студенттин тыгыз өз ара аракеттенүүсү жеке тапшырмаларды аткаруу процессинде жана илимий изилдөө иштеринин (СӨИ) жүрүшүндө байкалат. Багыттын окуу планында өз алдынча иштөөгө жалпы убакыттын 50%ы бөлүнгөн.

Өз алдынча иштөө үчүн студент көбүнчө мугалимге кайрылат, мугалим окуучуга кеңеш берип, багыт берип, ошону менен биргелешип иш-аракетке жетишет. Бул максатка жетүү үчүн колледжде ар жылы иш берүүчүлөрдүн, ата-энелердин жана бүтүрүүчүлөрдүн катышуусунда билим берүү программасынын тегерегинде талкулоолор өткөрүлүп келет.

Окуу жайда иш берүүчүлөр менен жыйындарды өткөрүп, анда бүтүрүүчүлөр, студенттер жана иш берүүчүлөр билим сапатын талкуулашат. (Сапат менеджмент системасы)

Бул бөлүм системалуу түрдө студенттер арасында сурамжылоолорду жана интервьюларды өткөрүп турат. Сурамжылоонун жыйынтыгы бөлүмдө талкууланып, тиешелүү түзөтүүлөр киргизилет.

Билим берүү программасы боюнча окуудан өткөн студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун баалоо үчүн студенттер жана иш берүүчүлөр арасында сурамжылоо жүргүзүлөт. Студенттерди жана окутуучуларды сурамжылоонун мезгилдүүлүгү директордун тиешелүү буйругу менен белгиленет жана адатта бир окуу жылында 2 жолудан кем эмес - окуу жылынын башында, жана окуу жылынын аягында сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча чаралар көрүлүп, аныкталган көйгөйлөрдү жакшыртуу жана четтетүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

Сурамжылоонун натыйжалары окуу жайда талкууланат (окуу жайдын протоколу) жана изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча окуу процессинин айрым компоненттери корректировкаланат. Анкеталар студенттердин окутуу ыкмаларын жана инновациялык технологияларды баалаган суроолорун камтыйт.

Анкеталар студенттердин окутуу ыкмаларын жана инновациялык технологияларды баалаган суроолорун камтыйт. (Тиркеме Анкеталар)

Конкреттүү дисциплиналар үчүн деталдуу критерийлер жана баалоо ыкмалары дисциплиналардын иш программаларында чагылдырылган.

**Мезгилдүүлүгү:**

- ❖ Окутуучулук ишмердүүлүктүн сапатын баалоо канчалык көп жүргүзүлөт?

Окутуучулардын ишмердүүлүгүн баалоо үчүн
Колледждин ишинин ачыктыгын камсыз кылуу үчүн eBilim маалымат базасы иштейт. Студенттердин кыймылы, баалоо критерийлери, модулдук баракчалар жана студенттердин рейтингдери тууралуу бардык маалыматтар eBilim маалымат системасына киргизилет. Ар бир студенттин маалымат базасына кирүү үчүн өзүнүн логин, паролу бар жана каалаган ыңгайлуу убакта модул боюнча өзүнүн рейтинги тууралуу маалымат ала алат.(Тиркеме модул рейтинг)

Тиркемеде мугалимдердин негизги педагогикалык билими жана окуучулардын билимин баалоо методикасы боюнча квалификацияны жогорулатуу курстары жөнүндө маалыматтар келтирилген. (Тиркеме. Баалоо сертификаттары)

- ❖ **Натыйжалар кайсы убакыт аралыгында талданат?**

Баалоо тартиби, баалоо критерийлери жана студенттерге коюлган талаптар ар бир дисциплинанын иш программаларында каралат. Киришүү лекциясынын жүрүшүндө ар бир мугалим студенттерди бул дисциплинада окуу натыйжаларын баалоо критерийлери менен тааныштырат. (График модуль),

**Баалоо жыйынтыктары:**

- ❖ Баалоонун жыйынтыктарынын негизинде кандай иш-чаралар жүргүзүлөт?

Мугалимдин педагогикалык компетенциялар денгээлдерин дескрипторлоо
Университетте окутуучулар менен студенттердин эффективдүү өз ара аракеттенүүсү үчүн ар бир окуу жылында студенттердин илимий изилдөө иштеринин конкурсу өткөрүлөт.

- ❖ Окутуунун сапатын жакшыртуу үчүн студенттердин пикирлеринин эске алуу менен окутуучулар менен талкуулар өткөрүлөбү?

Студенттерден анкета «Колледжди тандоонун жолдору жана билим сапаты»

Студенттерден анкета «Окутуучу студенттердин көз карашы менен»,

«Колледждин учурдагы абалы жана көйгөйлөрү». аттуу анкеталар жүргүзүлөт.

**Купуялуулук:**

- ❖ Окутуучулук ишмердүүлүктү баалоодо студенттердин анонимдүүлүгү кандайча камсыз кылынат?

Студенттердин анонимдүүлүгүн камсыздоо үчүн "Ишеним кутучасы" уюштурулган. "Ишеним кутучага" студенттердин жана ата-энелердин жазуу түрүндөгү сунуштары жана кайрылууларын сала алышат. Кутуча семетрына 2 жолу ачылып, Ишеним кутучасы үчүн даярдалган регистрациялык журналга жазылып, колледждин жетекчисине билдирүү берилет. Кутучаны ачууга окуу иштери боюнча директордун

орун басары, тарбия иштери боюнча директордун орун басары, сапат менеджмент системасынын адис жана студенттик парламенттин өкүлдөрүнөн катышышат.

**Тастыктоочу документтер:**

**1**. Методикалык материалдар: окутуучулук ишмердүүлүктү баалоо ыкмасынын сыпаттамасы, анын ичинде колдонулган инструменттер (анкеталар, анкеталар ж.б.**).;**

**2. Баалоо отчеттору:**

Белгилүү бир мезгил ичинде окутуучулук ишмердүүлүктү баалоонун натыйжалары боюнча кыскача отчеттор.

1. **Сунуштар:**

- баалоо жыйынтыгы боюнча мугалимдер үчүн сунуштарды камтыган документтер.

2. **Купуялык саясаты:**

студенттердин пикири анонимдүү жана конкреттүү респондентти аныктоо мүмкүнчүлүгү жок чогултулганын тастыктаган документтер.

**5.. Жакшыртуу боюнча иш-чаралар:**

баалоонун жыйынтыктарынын негизинде окутуунун сапатын жакшыртуу боюнча көрүлүп жаткан иш-аракеттерди баяндаган пландар.

Студенттерди окутуучулук ишмердүүлүктү баалоо процессине кошуу мекемеге окутуунун сапаты жөнүндө объективдүү сүрөттү алууга, окутуучулардын күчтүү жана алсыз жактарын аныктоого жана алынган пикирге кайтарым байланышка ылайык билим берүү процессин тууралоого жардам берет.

1.(Баалоо каражаттарынын фонду)
2.http://www.npu.nsu.kg
3.(Баалоо сертификаттары)
4.(Сапат менеджмент системасы)
5. (Тиркеме Анкеталар)
6. Ишеним кутучасы фото

**Аккредитация стандарты 4. Окуу ресурстары жана студенттерди колдоо системасы**

| | |
|---|---|
| **S** | 1. Жалпы Нарын мамлекеттик университетинин базасы өнүгүп жатат.<br>2. Окуу залдары студенттердин эс алуу парктары Нарын шаарында мыкты днгээлге чыкты.<br>3. Биздин окуу имаратыбыз шаардын борборунда жайгашкандыктан стадион, спорт залдар, парктарда эс алуу мүмкүнчүлүүгү түзүлгөн<br>4. Санариптештирүү дооруна ылайыкташкан компьютердик залдар, интерактивдүү панелдер менен камсыз болгон<br>5. Окуу ресурстарын адаптациялоо багытында окутуучулар атайын окуу методикалык комплекстерин түзүп чыгышат<br>6. Окуу имаратына кошумча спорт зал куруу үчун атайын долбоор даярдалып, Нарын облустук Теңир Тоо өнүктүрүү фондусуна тапшырылды.<br>7. Учурда кайтарым байланыш алуу системасы кыйла жакшырды.<br>8. Студенттер аралыктан туруп эле өз көйгөйлөрүн интернет аркылуу билдирүү укугуна ээ. |
| **W** | 1. материалдык техникалык базаны мындан ары чыңдоо аракеттерин көрүү зарыл |
| **O** | 1. Окуу ресутарын жакшыртуу багытында АБРдин Сектордук өнүктүрүү программасы: инклюзивдик өсүү үчүн көндүмдөр долбооруну алкагында окуу имараты капиталдык ремонттон өтөт. |
| **T** | |

**4.1. Билим берүү уюму студенттерди керектүү материалдар менен камсыз кылат. Ресурстар (компьютердик класстар, окуу жабдуулары, башка ресурстар) ар кандай топтордун студенттери, анын ичинде индвалиддер үчүн жеткиликтүү**
**Карала турган суроолор:**
**1. Ресурстардын жеткиликтүүлүгү:**

Окуу жайлары жана жабдуулары канчалык деңгээлде баарына жеткиликтүү? студенттер?
Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн атайын ресурстар барбы? (мисалы, пандустар, лифттер, атайын жабдуулар)

Окуу жайдын мүмкүнчүлүк болушунча окуучуларга ылайыктуу шарттарды түзүп жатат. Мекемеде атайын пандус орнотулган. Окуу имаратында атайын лифт жок, бирок, мүмкүнчүлүгү чектелген студенттер үчүн окуу аудиторияларын биринчи кабатка өткөрүү мүмкүнчүлүктөрү каралган.

**2. Заманбап стандарттарга ылайык келүү:**

Окутуучу жабдуулар жана программалык камсыздоо канчалык заманбап?

Канча жолу жасайт ал жаңыланып жатабы?

Учурда НПКнын окуу имараты капиталдык ремонт үчүн жабылгандыктан, мекеменин студенттери Нарын мамлекеттик университетинин окуу имаратында билим алышууда. Бул жакта заманбап технологиялар менен жабдылган жана ал баардык категориядагы студенттер үчүн жеткиликтүү. Ал эми НПКнын өздүк окуу имараты үчүн дагы **жаңы жабдуулар** АБРдин сектордук өнүктүрүү: инклюзивдик билим берүү үчүн көндүмдөр долбоорунун алкагында жаңы технологиялык каражаттар келип жатат. Мындан сырткары **Нарын мамлекеттик университети тарабынан атайын компьютердик жабдуулар алынып** келинген. Бул багытта атайын мекеме жетекчилиги тарабынан тиешелүү долбоорлор иштелип чыгып, инвестиция алып келүү аракеттери көрүлүүдө.

**3. Ресурстардын саны жана сапаты:**

Окуучулар үчүн ресурстар жетиштүүбү?

Ресурстардын ашыкча жүктөлүшү же жетишсиздиги барбы?

Студенттер үчүн ресурстар толугу менен жетиштүү, атайын аудиториялар, тиешелүү отургучтар, блоктор, жыйындар залы, эс алуу парктары, ашкана ж.б. толугу менен каралган. Ресурстар боюнча таңсыктык жок.

**4. Жеке муктаждыктарга ылайыкташуу:**

Ар кандай адамдар үчүн материалдык ресурстарга жетүү кандайча камсыз кылынат майыптыктын түрлөрү (сокурлар, дүлөйлөр, майыптар мобилдүүлүк ж.б.)?

Ар кандай материалдык ресуртарга муктаж, айрым категориядагы майып студенттер үчүн жеңилдетилген жана онлайн окутуу системасы бар. Мындан сырткары атайын мүмкүнчүлүгү чектелген же социалдык оор шарттагы үй бүлөнүн балдары үчүн контракттык жеңилдиктер каралган.

1. Фото отчеттор (мекеменин шарттары, аудиториялар)
2. НМУ НПК  инвентаризация
3. Социалдык жардамга муктаж, мүмкүнчүлүгү чектелген студенттердин тизмеси
4. Инфрастукртураны жакшыртуу планы
5. Сан эпид көзөмөл

**Подтверждающие документы:**

**1. Сертификаты и лицензии**: Документы, подтверждающие соответствие учебных помещений и инфраструктуры санитарным и противопожарным стандартам.
**2. Учебные материалы о безопасности:** Учебные материалы и рекомендации, связанные с безопасностью и процедурами действий в чрезвычайных ситуациях.
**3. Отчеты об учениях и тренировках:** Документы, отражающие результаты учений и тренировок в области противопожарной безопасности и эвакуации.
**4. Документы по соблюдению санитарных норм:** Отчеты или документы о проведении уборки и дезинфекции помещений.

**4.2. Билим берүү уюму билим берүү уюму окуу мейкиндикеринин туруктуулугун жана жетиштүүлүгүн камсыздоону демонстрациялайт**
**Карала турган суроолор:**
**1. Туруктуулук:**
Билим берүү мекемелери кайсы мөөнөткө ижарага алынат же уюмдун менчигинде болот жайлар?
Уюмдун бул жайларды колдонуу тарыхы кандай? Окутуу аймактарынын өзгөрүүсү көчүүлөр болгон жокпу?
Жакынкы келечекте бул аймактарды пайдалануу статусун жоготуу же өзгөртүү коркунучтары барбы?

Учурда НПКнын окуу имараты АБРдин Секторду өнүктүрүү программасы: инклюзивдик билим берүү үчүн көндүмдөр долбоорунун алкагында 20 млн акча каражатына капиталдык ремонттон өтүп 70% иш бүттү. Ушуга байланыштуу биздин мекеменин окутуу процесси Нарын мамлекеттик университетинин имаратында жүргүзүлүүдө.

Окуу жайдын имараты 1939 - жылдан бери Нарын педагогикалык окуу жайына тиешелүү, эч кандай көчүүлөр болгон эмес. Жакын аралыкта имаратты же жер аянтын тарттырып жиберүү коркунучу жок.

**2. Жайдын шайкештиги:**
Окутуу аянты бардык студенттердин жана мугалимдердин ыңгайлуу жайгашуусу үчүн жетиштүүбү?
Окуу аянттары сабактардын өтүлүшү үчүн ыңгайлуубу? Кенен аудиториялар, лабораториялар, эс алуу жайлары ж.б.
Учурдагы пландаштырылган иш-чаралар же курстар барбы? Алар иштеп жатканда орун жетишсиз болуп калбайбы?

Окутуу аянты баардык студенттер үчүн жетиштүү жана ыңгайлуу, Нарын мамлекеттик университетинин окуу имараттары жетиштүү болгондуктан атайын курстардын өтүшүнө дагы тоскооолдуктар жаралган жок. НМУнун окуу имаратында спорт зал, жыйындар залы, кенен аудиториялар, ашкана, эс алуучу жайлар толугу менен каралган. Мындан сырткары атайын дене тарбия сабактары жана спорттук иш чараларды өтүүгө НМУнун спорт залынан сырткары Нарын шаардык балдар жана уландар спорт мектептери, №87 кесиптик лицей менен эки тараптуу мемонардум түзүлгөн. Ар кандай иш чараларды өткөрүүгө толук мүмкүнчүлүктөр каралган.
**3. Окуу процессине адаптациялоо:**

Окуу аянттары билим берүү программаларынын өзгөчөлүктөрүнө канчалык деңгээлде ыңгайлаштырылган? Мисалы, табигый илимдер боюнча лабораториялардын болушу чыгармачыл адистиктер үчүн аймактар  же студиялар.

Окутуу аянттарын окутуунун ар кандай шарттарына ыңгайланышкан, атайын НМУнун лингафон кабинети менен чет тили сабагы үчүн кабинеттерге сабак өтүүгө келишим түзүлгөн

**4. Заманбап стандарттарга шайкештик:**

Билим берүү мекемесинин окутуучу аймактары азыркы талаптарга канчалык деңгээлде жооп берет?

Окутуу аймактарында окутуу үчүн бардык зарыл каражаттар жана шарттар барбы?

Окуу имараты талаптарга жооп берет. Атайын коопсуздук, санитардык нормаларда талап кылынуучу, өрт коопсуздугун алдын алуу шарттары толугу менен иштелип чыккан. Эвакуациялоо планы бар. Кызматкерлер үчүн өрт, техникалык жана терроризм коркунучун алдын алуу боюнча атайын нускамалар толугу менен иштелип чыккан. Нускама менен кызматкерлер толугу менен таанышкан.

**Подтверждающие документы:**

**1. Сертификаты и лицензии**: Документы, подтверждающие соответствие учебных помещений и инфраструктуры санитарным и противопожарным стандартам.

**2. Учебные материалы о безопасности:** Учебные материалы и рекомендации, связанные с безопасностью и процедурами действий в чрезвычайных ситуациях.

**3. Отчеты об учениях и тренировках:** Документы, отражающие результаты учений и тренировок в области противопожарной безопасности и эвакуации.

**4. Документы по соблюдению санитарных норм:** Отчеты или документы о проведении уборки и дезинфекции помещений.

**4.3. Билим берүү уюму эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык санитардык-гигиеналык ченемдерге, өрт коопсуздугунун талаптарына, ошондой эле коопсуздук эрежелеринин талаптарына жооп берет.**

1. **Санитардык ченемдерди сактоо**

Учурда мекеменин  окуу имараты капиталдык ремонт үчүн токтоп тургандыктан окуу процесси Нарын мамлекеттик университетинде өтүлүп жатат.  Санитардык ченемдердин сакталышы боюнча мекеменин мед кызматкери, мындан сырткары оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиялык көзөмөл боюнча Нарын борбору тарабынан көзөмөлгө алынып турат. Бул багытта мекеменин имараты торлук талаптарга жооп берет.

2. **Өрт коопсуздугун алдын алуу**

Мекеме тарабынан атайын өрт коопсуздугунун алдын алуу боюнча нускама иштелип чыккан, бул багытта студенттер, кызматкерлер  жыл сайын атайын окуулардан окуп, нускама алып турушат. Нарын регионалдык өрткө каршы күрөшүү башкармалыгынын адистери таратынан атайын окуулар өткөрүлүп турат. Ар бир аудиторияларда тиешелүү коопсуздук эрежелери маалымат катары илинип турат

